
ПАЙГАМБАРЫМДЫ
ТААНЫП-БИЛЕМ
ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫ

# ПАЙГАМБАРЫМДЫ ТААНЫП-БИЛЕМ





**Түркия республикасы Дин иштери башкармалыгынын чыгармалары: 639**
**Балдар китептери: 160**

**Пайгамбарымды таанып-билем**
(Түркиядагы Адеп сабагы мугалимдеринен түзүлгөн комиссия тарабынан даярдалган)

**Координатор**
Өмер Менекше

**Сүрөтчүсү**
Осман Турхан

**Башкы Редактор**
Мехмет Эрдоган

**Редакциялык кеңеш**
Проф. Ибрахим Сарычам
Севги Карабалут
Суави Кемал Язгыч

**Которгон**
Али Жусубалиев

**Кыргызчасынын редакторлору**
Жаанбай Элчиев,
Алишер Жусупов

**Графика**
Нургүл Молдалиева

**Корректор**
Касым Гезен

**Арткы бет**
Ариф Нихат Асянын *Дуалар жана Аминдер* китебиндеги «Наат» ырынан

2008-06-Y-0003-639
ISBN 975-19-3707-8

**Басмакана**
Başak Matbaacılık
(0312) 384 27 61

**© Дин Иштери Башкармалыгы**
**Диний жарыялар бөлүмү башчылыгы**
Бул китеп Дин Иштери Жогорку Кеңешинин 07.04.2005-жылындагы 66 номерлүү чечими менен басылды.

**Байланыш үчүн Адрес**
Eskişehir Yolu 9. km.
Çankaya / Ankara
Tel.: 0 (312) 295 73 06
Faks: 0 (312) 284 72 88
www.diyanet.gov.tr
diniyayinlar@diyanet.gov.tr

## КИРИШ СӨЗ

Саламатсыңарбы балдар!

Пайгамбарыбызды таанып билүү жана аны сүйүү бизге кубаныч тартуулайт. Анын жашоосу биз үчүн сонун үлгүлөр менен толтура. Бул китепте пайгамбарыбыздын өрнөктүү жашоосун жана Ислам динин түшүндүрүүдө жасаган иш-аракеттерин окуйсуңар.

Пайгамбарыбыз баарынан мурда ата болчу. Балдарын абдан жакшы көрүп, алар менен алектенер эле. Аялына сый-урмат көрсөтүп, жардам кылар эле. Достору ага ар дайым жана ар жерде чексиз ишенимде болушчу.

Ал адамдарды жакшылыкка, сулуулукка, тууралыкка, билимдүү жана адеп-ахлактуу болууга, ошондой эле башка адамдарга жардам берүүгө чакырчу.

Адамдарды калп айтуудан, уурулук кылуудан, адам өлтүрүүдөн, алкоголдук ичимдиктерди ичүүдөн, кумар ойноодон, башкаларга зыян келтирүүдөн жана чөйрөнү булгоодон алыс болууга үндөөр эле.

Пайгамбарыбыз адамдардын бактылуу болуусу үчүн ар түрдүү кыйынчылыктарга тушукту. Ал бирде ач калды, бирде суусуз калды, адамдарды туура жолго үндөгөндө ташбараңга алынды, туулган жеринен сүргүнгө айдалды жана согуштарда жарaланууга дуушар болду. Бирок эч качан өз максатынан кайтпады. Себеби ал улуу Алла тарабынан адамдарга түрдүү жаман сапаттардан кутулуунун жолу болгон Исламды түшүндүрүү үчүн жиберилген болчу.

Сүйүктүү балдар!

Биздин динибиз Ислам, пайгамбарыбыз Азирети Мухаммед (с.а.в.) жана ыйык китебибиз болсо Куран болуп эсептелет. Биз улуу Аллага ишенип, пайгамбарыбызды сүйүп жана ыйык китебибиздин буйруктарын орундатсак, бактылуу болуп, ийгиликке жетишебиз.

Андай болсо, пайгамбарыбызды жакшы таанып-билип, сүйүп, андан өзүбүзгө үлгү алуубуз керек. Колуңардагы бул китеп силерге бул тууурасында көмөкчү болот деген максатта атайын даярдалды. Кызыгып окуп, жактырып калышыңарга ишенебиз.

Силер биздин келечегибизсиңер жана силерди абдан жакшы көрөбүз...

ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫ

# ПАЙГАМБАРЫМДЫ ТААНЫП-БИЛЕМ

ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫ

АНКАРА
2008

# Мазмуну


БИРИНЧИ БӨЛҮМ

**ЖЕТИМ МУХАММЕД**

БААРЫ АНЫ КҮТҮП ЖАТКАН 9
КУТТУУ ТУУЛГАН КҮН 12
АПАДАН БИРИНЧИ АЙРЫЛУУ ЖАНА КУСАЛЫК 14
АПАСЫНЫН АКЫРКЫ ӨБҮҮСҮ 17
ЧОҢ АТАСЫ АБДУЛМУТТАЛИБ 18
АБАСЫ АБУ ТАЛИБ 18

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

**ЖАШ МУХАММЕД**

АДИЛЕТСИЗДИКТЕРГЕ КАРШЫ КҮРӨШҮҮДӨ ЖАРДАМДАШУУ 21
ҮЙЛӨНҮҮГӨ ЖАСАЛГАН КАДАМ 24
ҮЛГҮЛҮҮ ЖУБАЙ ЖАНА ҮЛГҮЛҮҮ АТА 25
БААРЫ АГА ИШЕНИШЕТ ЭЛЕ 28

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

**АЗИРЕТИ МУХАММЕДГЕ (с.а.в.) ПАЙГАМБАРЛЫК МИЛДЕТИНИН БЕРИЛИШИ**

ЖАБРАЙИЛ МЕНЕН БИРИНЧИ ЖОЛУГУШУУ 31
СЫРДАШ ХАДИЙЧА 33
ДААВАТ ЖАЙЫЛЫП ЖАТАТ 35
ЭРКАМДЫН ҮЙҮ 36
АРТКА КАЙТАРУУГА БОЛГОН АРАКЕТТЕР 39
Кайгы жылы 41
ЖАҢЫ ЖАЙДЫ ИЗДӨӨ 41
Эфиопия (Хабешистан) 41
Таиф 45
Акаба - Мадинага барылуучу жол 46

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

**МАДИНАГА КӨЧҮҮ**

КАЙТУУ ҮЧҮН БАРАТАБЫЗ 49
БААРЫ АНЫ КҮТҮП ЖАТКАН 51





БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

## МАДИНА- МАДАНИЯТ ШААРЫ


МАДАНИЯТ ТҮПТӨЛҮП ЖАТАТ 55
Мечит 55
Азан 56
Конуш жай 56
Бир туугандык 56
Биргеликте жашоо 57
Баары мектептүү болушту 59
Рамазан 59
ДУШМАНДЫК УЛАНУУДА 60
Бурулуш жайы: Бедир 61
Көңүл ооруткан окуя: Ухуд 63
Алдоо жолу менен кол салуу 65
Оор сыноо: чуңкур 66


АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

## ҮЙГӨ КАЙТУУ


ХУДАЙБИЯ КЕЛИШИМИ 69
МАКСАТ БҮТ ДҮЙНӨ ЖҮЗҮ 71
МЕККЕНИН БАГЫНТЫЛЫШЫ ЖАНА ҮЙГӨ КАЙТУУ 72


ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

## БААРЫ АЛ ҮЧҮН ЫЙЛАП ЖАТТЫ


КОШТОШУУ АЖЫЛЫГЫ ЖАНА КОШТОШУУ КУТБАСЫ 75
КОШТОШУУ 76
КОШТОШУУ: БААРЫ АЛ ҮЧҮН ЫЙЛАП ЖАТТЫ 77
АЗИРЕТИ МУХАММЕДДИН ӨМҮРҮ ТУУРАЛУУ ХРОНОЛОГИЯ 79



# БИРИНЧИ БӨЛҮМ
# ЖЕТИМ МУХАММЕД

## Баары аны күтүп жаткан

Исламга чейинки доор түркөйлүк доору деп аталган. Бул доордо адамдар баштапкы коомдук түзүмдө жашашкан. Күчсүз жана бей-бечаралар кул кылынып алынып, коомдон четтетилээр эле. Коңшулук жана туугандык мамилелерге маани берилбей, адамдар бири-бирине ишенишпес эле. Кыз-келиндерге урмат көрсөтүлбөй, кыз бөбөктөр тирүүлөй топуракка көмүлөт болчу. Адамдар айкелдерге сыйынып, туура эмес ишенимдерге багыт алышкан эле. Ошол доордо жашагандардан экөөсү ал доорду төмөнкүдөй сүрөттөшөт:

«Биз билимсиздик жана түркөйлүк абалда жашаар элек. Айкелдерге табынып, адеп-ахлаксыздык жасап, тууган-дарыбыз менен урушаар элек. Коңшулук милдеттерине

эч маани бербейт болчубуз. Алдуу- күчтүүлөр бей-бечараларга зордук- зомбулук көрсөтүшөр эле».

«Биз түркөйлүк доордо жашаган адамдарданбыз. Айкелдерге табынып, бөбөктөрүбүздү өлтүрөр элек. Менин да кыз бөбөгүм бар болчу. Аны чакырганымда жаныма чуркап келэр эле. Бир күнү аны дагы чакырдым, ал да жаныма келди. Аны үйүбүздүн жанындагы бир кудукка алып бардым. Колунан кармап аны кудукка таштадым. Кызымдын акыркы сөзү «атаа!» деген кыйкырык болду. Бул кыйкырык азыр да кулагыма угулуп турат.»

Болуп өткөндөр бир эле ушулар элеби? Албетте, жок!

Адамдар Кудайдын ордуна айкелдерге сыйынышат эле. Кудайдын үйү болгон Каабанын ичин көптөгөн буттар менен толтурушкан болчу.

Адамдар кул, күң катары базарларда алынып сатылат эле. Адам– адам катары саналчу эмес.

Алдуу-күчтүү адам бей-бечарага зулумдук көрсөтөр эле. Адилетсиздикке дуушар болгон адамдын акысын алып бере турган уюм же мекеме жок эле. Жамандык жасаганга жаза берилчү эмес. Адамдар суу ичкендей алкоголдук ичимдиктерди ичишип, жаман аялдар менен бирге болуп, түнү менен кумар ойношчу. Кээ бир адамдар гана мындай жамандыктарды жактырбас эле. Бирок алардын колунан эч нерсе келбейт болчу. Себеби, андай адамдардын сандары өтө аз болчу. Бул абалга алар абдан кайгыланып, капаланышар эле. Адамдарга туура жолду көрсөтө турган бир адамдын келе тургандыгын күтүшүп, ар дайым ушул үмүт менен жашашат болчу. Өтмүштө болуп келген сыяктуу Алла аларга бир пайгамбар жиберээр беле? Баары мунун жообуна кызыгар эле. Өтмүштө

да Кудай адамдарга туура жолду көрсөтүү үчүн пайгамбарлар жиберген. Жиберилген пайгамбарлар адамдарга туура жолду түшүндүрүшүп жакшылыкка үндөшөт эле. Ал эми адамдардан кээ бирлери аларга ишенишип туура жолго багыт алышкан болсо, кээ бирлери баякыдай эле ишенимсиздик баткагында калышкан болчу.

Мисалга Нух, Салих, Худ улуу Алла тарабынан жиберилген пайгамбарлардан болушчу. Алардын эли Меккенин тургундары сыяктуу туура жолдон чыгышканы үчүн Кудай аларды туура жолго багыттоо максатында пайгамбарларын жиберген. Бул пайгамбарлар Кудайдын буйруктарын түшүндүрүү үчүн аракет кылышкан.

Ибрахим да эли үчүн күйүп-бышкан пайгамбар эле. Анын пайгамбар болгондугун кабыл албаган адамдар аны отко ташташкан. Бирок жараткан Алла аны оттон сактап калган.

Кудай кээ бир пайгамбарларга китеп берген. Пайгамбарлар бул китептери менен эли журтун туура жолго үндөшкөн. Алла Таала Муса пайгамбарга Тоорат, Давуд пайгамбарга Забур, Иса пайгамбарга Инжил китептерин жиберген. Бул пайгамбарлардын баары Алла Тааланын бир экенин айтышып, туура жолго, жакшылыкка чакырышкан.

Иса пайгамбардан кийин орто эсеп менен алганда алты жүз жыл өткөн мезгил болчу. Адамдар кайрадан бирибирине кара санашып көпкөндүктөн, Кудайга каршы чыга башташкан. Аалымдар, жаңы пайгамбардын келе турган мезгилинин жакындаганын айтышып, баары ошол пайгамбардын келе тургандыгын күтүшүп жаткан.



# Куттуу туулган күн

*571-жылдын Чын Куран айы болчу. Бул айдын жыйырмасында Пайгамбарыбыз жарык дүйнөгө келди.*

Чын Куран айынын акыркы күндөрү. Абдулмутталиб небере күтүп жаткан. Ой-пикири туула элек небересинде эле. Ар убак сүйүнүчтүү кабар келип калышы мүмкүн эле. Саамга ойлонуп ойго баткан Абдулмутталиб, башынан өткөргөндөрдү эстеп, жүзүн Кааба тарапка бурду. Көз алдынан болуп өткөн окуялар чуурулуп өтүп жатты: Каабаны бузууга келген Йемен өкүмдары Эбрехе менен жолугушуусу жана төөлөрүнүн анын аскерлери тарабынан барымтага алынуусу эсине түштү. Эбрехе Каабаны бузбоосу үчүн Абдулмутталибдин жалбаруусун күтүп жатканда, «Мен төөлөрдүн гана ээсимин, аларды коргоо менин милдетим. А Каабанын ээси болсо улуу Алла, аны Алла коргойт!» деп айткан сөздөрү эсине түштү. Ошентип Алла Каабаны коргоп калды. Натыйжада Абдулмутталиб Алланын улуулугун дагы бир жолу сезген болчу.

- Уулум Абдуллах деди ичинен. Жутунду... Ичине кайгы-капа толо түштү. Ага оңой эмес болчу. Уулу Абдуллахты, Аминага үйлөгөндөн кийин көп өтпөй о дүйнөгө узаткан эле. Азыр болсо толкунданган кыялында небересинин туулушун күтүп жаткан.

Мына ошол учурда чуркап бирөө келди. «Сүйүнчү, Абдулмутталиб! Неберелүү болдунуз!» - деп айтты. Карыянын жүрөгү толкуп кубанычы койнуна батпай, көздөрүнөн сүйүнүчтүн жаштары шорголоду.

Тез-тез басып үйүнө келди. Үйгө кирээр замат ар тараптан кичинекей небересинин ыңаалаган үнү жаңырып жатты. Аны кучагына алды. Кайгы аралашкан сүйүнүч ээлеп алды жүрөгүн. Аны өөп жыттап жатып, уулу Абдуллахтын жытын сезди. Ыйламсырады... Көз жашын эч кимге көрсөткүсү келбеди. Жүрөгү сыздады... Аминага карап: «Уулуңдун атын ким деп коелу?»- деп сурады. Амина: «Мухаммед»- деп айтты. Абдулмутталиб бир аз ойлонуп калды. Бул ат үй-бүлөсүнө тааныш эмес болчу. Амина түшүндө өзүнө «Сенин бир уулуң болот, атын Мухаммед деп коесуң!» - деп айтылгандыгын түшүндүрдү. Ошол себептүү Абдулмутталиб атасы жок жетим небересине Мухаммед атын ыйгарды.

Андан соң чоң ата небересин көтөрүп алып Каабага барды. Өзүнө бир небере бергени үчүн колдорун жайып, жараткан Кудайга шүгүрчүлүк келтирди. «Эмнеге Мухаммед деп атадың?»- дегендерге: «Адамдар жана Алла аны мактасын үчүн»- деп жооп берди.

Абдулмутталиб Каабадан үйүнө кайтканда, жаңы төрөлгөн ымыркайды көрүү максатында Аминанын үйүнө келишкен аялы менен уулу Аббасты көрдү. Аббас

***(Эй Мухаммед), Раббиң пил ээлерин кандай (жок) кылганын көрбөдүңбү? Ал Зат алардын (Каабатулланы ойрон кылуу үчүн колдонгон бардык) айла-амалдарын жок кылбадыбы? Ал Зат алардын үстүнө чоподон болгон таштарды ата турган топ-топ куштарды жиберип; Аларды (курт-кумурскалар тарабынан) жеп-чайнап ташталган саман сыяктуу (тешик-тешик) кылып жиберди.***

***(Фил сүрөсү)***

***(Эй Мухаммед, Раббиң) сени жетим абалда таап, баш-паана бербеди беле?***

***(Духа сүрөсү, 6-аят)***



*Пайгамбарыбыз Хадийча менен турмуш куруп жашап жатышканда Халима аны көрүү максатында Меккеге келди. Пайгамбарыбыз Халиманы көрөр замат «сүйүктүү апам!»- деп аны кучактады. Азирети Мухаммед сүт энесин узатып жатып, кандай муктаждыгы бар экендигин сурады. Халима да айылдагылардын жут жана кургакчылыктын айынан кыйналып жаткандыктарын айтты. Пайгамбарыбыз болсо ага кырк кой жана бир төө тартуу кылды.*

анда үч жашар болчу. Ал астейдил басып ымыркайдын жанына барды. Таңдануу менен бөбөктү карап, кичинекей колу менен анын жүзүн сылады. Аны өпкүсү келди. Бешигине карай ийилип, аны өптү.

## Ападан биринчи айрылуу жана кусалык

Аба-ырайы өтө ысык болгон Мекке шаары ымыркайлардын ден-соолугу чың чоңоюусуна ылайык эмес болчу. Ошондуктан Меккедеги көптөгөн үй-бүлөлөр жаңы туулган ымыркайларын ден-соолукта чоңоюусу үчүн айыл жеринде жашашкан сүт энелерге беришчү. Айылкыштактарда болсо бала өстүрүү пайда келтире турган тармак болчу.



Мухаммеддин төрөлгөнүнө бир жума болгон. Амина да бул салтка ылайык уулун бага турган сүт эне издей баштады. Бирок, сүт энелер, каалаган акчаны бул жалгыз бой аял кайдан берет дешип, баланы алууга батынышпады.

Бул мезгилде чоң атасы Абдулмутталиб да небересин кучагына алып, сүт эне издей баштайт. Ал да издеген адамын таба албайт. Бирок ал үмүтүн үзбөстөн издөөнү уланта берет. Узак убакыттан кийин Халима аттуу аялга жолугуп, ага: «Жетим неберeме сүт энелик кыласыңбы?»- деп сурады. Халима бир азга ойлонуп калды... Жетим баланы баккысы келбесе да, ошол күнү сүт энелик кыла турган башка бир ымыркайды да эч табалбаган болчу. Ал күйөөсү менен кеңешип көрүп, Абдулмутталибдин небересин багууну туура көрдү.

Халима Мухаммедди алып кетүү камылгасын көргөндөн кийин жолго аттанды. Узак жол жүрүшүп айылына барышты.

Мухаммед болсо жаңы үй-бүлөсүндө тездик менен чоңоюп жатты. Эмчектеш бир туугандары Шейма жана Абдуллах да ага көнүп калышты. Мухаммед айылда чуркап ойноп, кой багып, күндөрүн оюн-күлкү менен өткөзүп жатты.

Халима менен күйөөсү, Мухаммеддин өзгөчө бала экендигин баштапкы күндөн эле билишкен. Себеби анын келиши менен бирге үйүнө бакыт, дасторконуна береке келе баштаган.

Күндөр өтүп Мухаммед беш жашка чыкты. Анын апасы Аминанын жанына кайтуу убактысы да келген болчу. Бирок Халима жана анын үй-бүлөсү ага ушунчалык көнүп калышкандыктан, андан ажыроо алар үчүн абдан кыйын эле. Акыры Халима Мухаммедди өз апасына тапшыруу максатында Меккеге алып барды. Аны апасына тапшырып жатып, көз жашын кармай албады. Халима өз уулунан ажырап жаткандай кайгы-капага батты. Мекkeден жүрөгү кайгы-муңга толуп кайтты.

*Сүйүктүү пайгамбарыбыз Меккеден Мадинага көчүнөн кийин апасы Аминанын кабырын зыярат кылып, кабырдын үстүн колдору менен оңдоп чыкты. Ал ошол жерде көз жаштарын кармай алган жок. Ага эмне үчүн ыйлаганын сурагандарга «Эне сагынычы мени ыйлатты»-деп жооп берген болчу.*

Ошентип Мухаммед кайрадан күндөрүн апасы менен бирге өткөзө баштады. Ал Меккеге өз үй-бүлөсүнө акырындык менен көнө баштады.

Мухаммеддин таякелери Мадинада жашашат болчу. Амина бир аз убакытка таякелеринин жанында жашоо үчүн аны Мадинага алып барды. Таянеси Үммү Эймен да алар менен бирге эле. Мадинада бир ай жашашты. Андан соң Меккеге кайтуу үчүн жолго чыгышты. Эбва кыштагына келишкенде Амина ооруп калды.

# Апасынын акыркы өбүүсү

Үммү Эймен Меккеге келип, шашылыш Абдулмутталибди издей баштады. Ал Меккеге жетүү үчүн беш күн жол жүрдү. Аминанын көз жумгандыгын Абдулмутталибке кантип айтуунун жолун издеп жатты. Ошол учурда Мухаммедге көзү түштү. Бечара Мухаммед да томолой жетим калган эле.

Абдулмутталибке жолукканда көз жашын кармай албады. Абдулмутталиб келининин ооруп калгандыгын уккан болчу. Бирок анын өлүмүнөн кабарсыз эле. Үммү Эймендин жанында келини Аминаны көрө албаганына тынчсызданды. Анын жүзүнөн жаман нерсе болгондугун сезди. Үммү Эймен күнөөлүдөй башын ийип, «Амина көз жумду»-деди. Абдулмутталиб болсо ичиндеги кайгымуңду басуу үчүн Мухаммедди бооруна басты.

Андан соң Үммү Эймен болуп өткөндөрдү түшүндүрө баштады. Мадинадан Меккеге кайтуу үчүн эки күн жол жүрүшкөндүктөрүн, анан Эбва деген кыштакка келишкенде Аминанын ооруп калгандыгын, ошондой эле Аминанын өлө турганын сезип уулу менен сүйлөшкөндүгүн жана уулун акыркы жолу өөп, көз жумгандыгын бир баштан айтып берди. Төрөлө электе эле атасынан ажыраган Мухаммед эми мынтип сүйүктүү апасынан да айрылган болчу. Ошентип Мухаммед чоң атасынын колунда калды.

# Чоң атасы Абдулмутталиб

«Абдулмутталиб кайтыш болду» деген үн угулду. Анын бүт үй бүлөсү ыйлап жатты. Бул кабар баарынан да Мухаммедге оор болду. Анткени ал атасы сыяктуу болуп калган чоң атасын абдан жакшы көрөр эле. Ага Абдулмутталиб аябай жакшы карап, ата-энесинин жоктугун сездирген эмес болчу.

Ал чоң атасынын жанында эки жыл жашады. Чоң атасы кайда барбасын Мухаммед да ошол жерде болор эле. Жадагалса, Меккеде кургакчылык болгон жылы да чоң атасы аны жамгыр дубасына алып чыккан болчу. Бардык барган жеринде аны төргө олтургузар эле. Мунун себебин сурагандарга: «Кудаа кааласа ал келечекте улуу адам болот»,- деп жооп берээр эле.

Мухаммед шолоктоп ыйлап жатты. Бир маалда аркасынан кимдир бирөө сооротууга аракет кылганын сезди. Өйдө болуп караса, абасы Абу Талиб турат. Абасы аны колунан кармап өйдө тургузуп, башын сылап, ага: «Чоң атаң сени мага тапшырды»,- деп айтты. Анда Мухаммед да абасына карай туруп, аны кучактады.

***Кийинки жылдарда Пайгамбарыбыз жеңеси Эсед кызы Фатима өлгөндө да абдан кап-аланган эле. Ал бул капачылыгын «Бүгүн апам көз жумду»- деп айтып, көйнөгүн чечип ага кепин кылган болчу.***

***Жеңесине болгон сүйүүсүн сурагандарга ал мындай деген эле:***

***- Абам Абу Талибден кийин жеңемчелик мага жакшылык кылган адам жок эле. Ал мен үчүн апам сыяктуу эле. Өз балдары турса да, мурда менин курсагымды тойгузуп, чачтарымды тарар эле.***

# Абасы Абу Талиб

Мухаммед үйдөгү аңгемелешүүдөн Дамаскиге саякат боло тургандыгын аңдады. Бул саякат бир канча айга

созулушу мүмкүн эле. Жаш Мухаммед Мекке шаарында абасы Абу Талибсиз жалгыз калгысы келбеди. Акырында Мухаммед ага Дамаскиге барууну каалагандыгын айтты. Ал эми абасы сапардын узак жана кыйын болоорун, жолдо ооруп калышы мүмкүн экендигин жана ошол себептүү бирге алпара албай тургандыгын айтты. Мухаммед ыйламсырап, абасы Абу Талиб минген төөнүн чылбырынан кармап мындай деди:

-Абаке, сен кете турган болсоң, мен ким менен калам?

Уулундай болуп калган инисинин бул сөздөрүнөн абдан таасирленген Абу Талиб:

-Макул, сени бирге ала кетем. Мындан кийин сен экөөбүз бири-бирибизден эч ажырабайбыз- деди.

Бул окуядан кийин Абу Талиб иниси Мухаммедди дайыма бирге алып жүрдү.

Абу Талибдин үй-бүлө мүчөлөрү абдан көп болгондуктан жашоо-шарты да анчейин жакшы эмес болчу. Абу Талиб менен аялы бул кыйынчылыктарды балдарына сездирбегенге аракет кылышчу. Мухаммед болсо абасы менен жеңесинин иштерине дайыма жардамдашчу. Кээде үй иштерине жардамдашса, кээде мал багып чабандык кесипти аркалачу. Жеңеси да Мухаммедге мээр төгүп, өз балдарындай көрчү. Ошентип, Мухаммед абасынын үйүндө эр жетип чоңойду.

***Пайгамбарыбызга жаштыгында бутка сыйынып, сыйынбагандыгы жана ичимдик ичип, ичпегендиги жөнүндө суралганда «жок!»- деп жооп берген эле.***

***Ал балалык чагында да, эл жасаган жамандыктарга эч аралашкан эмес.***



# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ
# ЖАШ МУХАММЕД

## Адилетсиздиктерге каршы күрөшүүдө жардамдашуу

Бей-бечара жана жакырларды бай-манаптар эзип жаткан доор болчу. Мындай абалды оңдоо керек эле. Мына ошондуктан меккелик жаштар дал ушул максатта Жудандын уулу Абдуллахтын үйүндө чогулушту. Ал чогулгандардын арасында Мухаммед да бар болчу. Алардын баары өз элиндеги адеп-ахлаксыздыктардын күбөсү болушчу. Мына ошондуктан алар мындай адеп-ахлаксыздыктарга каршы «пазилеттүүлөр коому» деп аталган уюм түзүштү. Алар түзгөн уюмдун келишиминде меккеликтердин жана шаарга сырттан келген адамдардын укуктарын коргоо үчүн шарттар бар эле. Баштаган иштеринин кыйын экендигин билишсе да, мындан артка кайтууну ойлошподу. Ошентип алар адилетсиздиктерге каршы бирдикте күрөшүшмөкчү болушту.

***Абу Жахил***

***Негизги аты Хишам уулу Амр. Курейш уруусунун белгилүү адамдарынан бири болгон.***

***Исламга каршы душманчылыгына байланыштуу Пайгамбарыбыз ага Абу Жахил атын ыйгарган. Абу Жахил «билимсиздердин башчысы» деген маанини билдирет.***

Бул учурда Зебид уруусунан бир соодагер соода-сатык кылуу үчүн Меккеге үч төөгө өңөрүлгөн жүк алып келет. Ошол жердин жашоочуларынын көрүнүктүү байларынан болгон Абу Жахил ал алып келген байлыктарды жактырып, арзан наркта сатып алууну көздөйт. Соодагер андай болсо зыянга учурай тургандыгын айтып, анын каалоосун четке кагат. Абу Жахил болсо Меккедеги өз аброюнан пайдаланып, сатып алууга аракеттенген адамдарды коркутуп, буюмдардын сатылышына жолтоо болот. Себеби меккеликтер андан коркушуп, анын алдына чыгууга батына алышпайт эле. Муну билген Абу Жахил ишенимдүү кадам таштап үйүн көздөй кетет.

Соодагердин болсо айласы кетти. Айласы кеткен байкуш, эми эмне кыларын ойлоп жатканда, кимдир бирөө анын жанына келип: «Мухаммедге баргын. Ал сенин акыңды алып берет»-деп айтты. Соодагер акыры бул айтылгандарга макул болуп, болгон окуяны төкпөй-чачпай Мухаммедге айтып берди. Муну уккан Мухаммед базарга келип, соодагердин товарларынын баарын анык баасында сатып алды. Андан соң Абу Жахилдин үйүнө барып, эшигин катуу каккылады. Эшик ачып сыртка чыккан Абу Жахилди кылган кылык-жоруктары себептүү эскертти. Мухаммеддин тайманбастыгы аны таң калтырды. Мындай абалда Абу Жахил эмне кылаарын билбей башы маң болду. Бул окуяга күбө болгондор жана уккандар абдан таң калышты.

***

Алдуу-күчтүүнүн бей-бечарага зордук-зомбулук көрсөткөн доорунда йемендик бир киши кызы менен бирге Каабага зыярат кылуу үчүн Мекке шаарына

келген эле. Алар Мекке шаарына келишкенде, мурда эч таанып билбеген бирөө аларды ээрчий тиктеп, көздөрүн кызынан албай жаткандыгын байкады. Анын оюнда жаман нерсе бар экендиги айдан ачык эле. Кыздын атасы мындайда эмне кыларын билбей, айланасына көз чаптырып жардам бере турган бирөөнү издей баштады. Анда баягы ою жаман адам чаарасыз калган кишини «кимсиң?» деп койбостон кызын зордоп алып кетти. Кызынын зордук менен алынып кетилгенине каршылык көрсөтө албаган атасы: «Кызымды ким куткарып бере алат?»-деп жардам сурап кыйкырды. Бул аянычтуу кыйкырыкты уккандар: «Пазилеттүүлөр коомуна барып, дартыңды ошолорго айт»- дешти.

Башка чаарасы калбаган баягы киши чуркап Каабага барды. «Пазилеттүүлөр коомунан бирөө барбы?»-деп үн салды. Үн салаары менен заматта анын жанына бир канча кылыччан адам жыйналды. Муну көргөн баягы киши жүрөгү “болк” эте түштү. Алар: «Эй, чоочун, кандай дартың бар?»,-деп сурашты. Киши башынан өткөзгөндөрүн айтып берди. Кылыччан адамдар кызды зордук менен алып кеткен адамдын Нубейх экендигине көздөрү жетти. Туура Нубейхтин үйүнө жөнөштү. Эшигинин алдына барышып катуу үн менен: «Лаанат болсун сага! Сен өзүңдү эмне деп ойлойсуң? Тезинен бул адамдын кызын алып кел!»,- деп айтышты. Нубейх кызды бербөөгө аракет кылса да, кылыччан адамдар өктөм үн менен: «Биз бул иштин акырына чыгабыз. Укугу тепселгендердин жанындабыз. Өз арабызда сөз бердик, бул биздин милдетибиз. Айтканды аткарбасаң, анда көргүлүктү көрөсүң»-деп бакырышты. Нубейх эч нерсе кыла албайт болчу. Кызды атасына кайра берүүгө аргасыз болду.

# Үйлөнүүгө жасалган кадам

Соода менен алектенген Хадийча Мекке шаарынын алдыңкы бай аялдарынан бири болчу. Ал мындан кийин жалгыз өзү соода ишин алып кете албай тургандыгын билген эле. Анын иштерин алып кете ала турган, бир жакка кетсе артында кала турган ишенимдүү адамга муктаждыгы бар болчу. Адамдын адамга ишеними жок болгон коомдо анын өзү жалгыз аял катары соода менен алектенүүсү да өтө опурталдуу эле.

Анын оюна эң башта Мухаммед келди. Адамдардан анын ишенимдүү, адилеттүү адам экендигин уккан болчу. Ошондуктан соода иштерин аны менен улантууну ойлой баштады. Ага бирөөнү жиберип, бул сунушка кантип жооп берерин билгиси келди. Мухаммед бул сунушту абдан ойлоп, макулдугун билдирди. Хадийчанын бүткүл соода иштери менен алектенүүнү эми Мухаммед өз мойнуна алды.

***

Дамаскиге бара турган соода кербенинин даярдыктары бүтөйүн деп калган эле. Хадийча Мухаммедге жардамчы катары жана аны жакшы таануу максатында жардамчысы Майсараны да кербен менен бирге жөнөттү.

Кербен узак сапардан соң Дамаскиге жетти. Алып барылган мүлк чоң пайдага сатылды. Мухаммед сатылган буюм-теримдерден чоң пайда тапты. Ал кайра Мекке шаарында сатуу үчүн жаңы товарларды да алды. Майсара сапарда жүргөн кезинде Мухаммедди

жакындан таанып, үлгүлүү адеп-ахлагынан абдан таасирленген болчу.

Майсара болгон окуянын баарын ийнесинен жибине чейин Хадийчага айтып берди.

## Үлгүлүү жубай жана үлгүлүү ата

Хадийчанын Мухаммеддин дурус адам экендиги тууралында эч шеги калган жок. Мухаммед өзүнө берилген алгачкы соода кербенин чоң киреше менен алып келген болчу. Мындан кабар тапкан баары анын жакшы мүнөзү, адамгерчиликтүү адеп-ахлагы тууралында сөз кылышып жатышты. Анын адилеттүүлүгүндө эч кимдин күмөнү жок эле.

Хадийча мындан мурда эки жолу турмушка чыккан болчу. Буга чейин анын колун сурап бир канча адам кайрылса да, аларга көнбөгөн. Ал өз тиричилигин үй иши менен өткөзчү. Бул көрүнүш Мухаммедди тааныганга чейин уланды.

Мухаммеддин адеп-ахлагы жана адамгерчилигинен абдан таасирленген Хадийча аны менен турмуш курууну ойлоп, бир топ мезгилден кийин ушул чечимге келди. Мухаммедге турмуш курууну сунуштады. Бул убакта Мухаммед жыйырма беш жашка чыгып калган болчу. Ал бул сунушту бир кыйла ойлоп, макулдугун билдирди.

Хадийча менен Мухаммед жупуну гана той өткөзүп үйлөнүштү. Мухаммед үйлөнгөндөн кийин абасы Абу

***Караңгылык доорунда кыз бөбөктөрүнө эч кандай маани берилбеген доордо, пайгамбарыбыз кызы Фатима жанына келген кезде ордунан туруп, бетинен өөп, өзүнүн ордуна отургузар эле.***

***Абу Лехеб жана аялы каапырлардын башчысы эле. Теббет сүрөсү алардын мусулмандарга кылган жамандыктары себептүү түшкөн. Ал учурда пайгамбарыбыздын кыздары Үммү Гүлсүм жана Рукие, Абу Лехебдин эки уулуна турмушка чыгышкан эле. Абу Лехеб менен аялы Теббет сүрөсү түшкөндө уулдарын пайгамбарыбыздын кыздарынан зордоп ажыратты. Бул окуя Азирети Хадийча менен пайгамбарыбыздын башына өтө оор түйшүк салды. Алар кыздарына жардамдарын аябастан бардык кыйынчылыктарга чыдашты. .***

*Сахабалардан Рафи аттуу бир адам балалыгында башынан өткөргөн бир учурун мындайча түшүндүрөт:*

*Балалык чагымда шоктонуп, хурма дарактарына таш ыргытар элем. Күндөрдүн биринде бактын ээси кармап алып, мага жаза берүүсү үчүн пайгамбарыбызга алып барды. Пайгамбарыбыз мага кайрылып:*

*- Балам, хурма дарактарына эмне үчүн таш аттың?- деп сурады. Мен болсо :*

*- Ач элем. Ошондуктан таш ыргыттым,- дедим. Анда пайгамбарыбыз:*

*- Эч качан хурма дарактарына таш ыргытпа. Дарактардын түбүнө түшкөндөрдөн жегиниң! Алла сени тойгозот- дегенден кийин башымды сылап : - Алла Таалам! Анын курсагын тойгоз,- деп мен үчүн дуба кылды.*

Талибдин үйүнөн Хадийчанын үйүнө барып жайгашты. Бул жерде Мухаммед соода менен алектенгендиктен ал-абалы да бир кыйла оңолду.

Бул учурда Абу Талиб кыйынчылыкта жашачу. Мухаммед ага жардамчы болуу жана тарбиялоо максатын көздөп, абасынын уулдарынан Алини өз карамагына алды.

Мухаммед менен Хадийча бири-бирин абдан жакшы көрүшчү. Алардын бактылуу үй-бүлөсү баарына үлгү болчу. Биринчи балалуу болушканы алардын кубанычына кубаныч кошту. Ошентип, Хадийча-апа, Мухаммед-ата болду. Баласына Касым деген атты ыйгарышты. Бирок аябай жакшы көрүшкөн уулдарын ымыркай кезинде эле жоготушту. Аялы Хадийчадан Касымдан башка да катары менен Зейнеп, Үммү Гүлсүм, Рукия, Фатима жана Абдуллах аттуу балдары, кыздары болду.

***

Сүйүктүү пайгамбарыбыз кийинчерээк аялы Хадийча дүйнөдөн өткөндөн кийин Мадина шаарында Мария аттуу аялга үйлөнүп, андан бир уулдуу болуп, атын Ибрахим койду. Ал төрөлгөн соң, салт боюнча сүт энеге беришти. Ибрахимдин сүт энеси узак жайда болсо да, пайгамбарыбыз тез-тез уулун көргөнү барчу. Ал ар барышында аны өөп-жыттап, эркелетер эле.

Ибрахим бир жарым жашка чыкканда анын ооруп калгандыгы тууралуу кабар келди. Пайгамбарыбыз тез арада достору менен бирдикте уулу турган айылга барды.

Ибрахим катуу ооруп жаткан. Пайгамбарыбыз аны абайлап кучагына алды. Ибрахим болсо жашоосунун акыркы мүнөттөрүн жашап жаткан. Уулунун өлүп бара жатканына чыдай албаган Мухаммед үнсүз ичинен сыздады. Анын көздөрүнөн аккан жаш жүзүнөн сызылып түшүп жатты. Пайгамбарыбыздын бул абалынан таасирленген достору анын ыйлаганына таң калышып: «Сиз да ыйлайсызбы?»-деп суроо узатышты. Анда пайгамбарыбыз: «Көз ыйлайт, көңүл сыздайт. Менин бул ыйлоом уулума болгон мээримимдин айынан. Мээрим көрсөтпөгөнгө мээрим кылынбайт»-деп айтты.

Ата-эне үчүн баласынын өлүмү кыйынчылыктардын эң оору болуп саналат. Балдарын абдан жакшы көргөн сүйүктүү пайгамбарыбыз алардын кайгы-капасын тарткан ата болгон. Кичинекейинен жетим чоңойгон пайгамбарыбыз Фатимадан башка балдарын өз колу менен кабырга узаткан.

***

Уулу Зейдди жоготкон атасы көп жыл бою издеди. Атасы баласынын кул кылынгандыгын билет болчу. Бирок анын кайда экендигин билбейт эле.

Уулунун Мухаммеддин жанында экендигин уккан атасы чоң кубанычка бөлөндү. Аны алып кетүү үчүн Мухамеддин жанына барды. Мөлтүлдөгөн көз жашын төгүп, болуп өткөндөрдү айтып берди. Ал Мухаммеддин Зейдди сатпай коюусунан коркуп жатты. Эмнеси болгондо да, ал эми уулун тапкан эле. Ошондуктан Мухаммед канча кааласа, ошону берүүгө ыраазы эле. Мухаммед эч нерсе дебестен Зейдге карап:

***Неберелери үчүн пайгамбарыбыз сыяктуу чоң ааларынын барлыгы абдан маанилүү болчу. Чоң атасы алар менен ойноп, тамашалашып, мээримдүү ата катары мамиле жасайт болчу.***

***Пайгамбарыбыз небереси Умаманы абдан жакшы көрөт болчу. Ал Азирети Мухаммед намаз окуп жатканда үстүнө чыгат эле. Пайгамбарыбыз да небересинин кылган кылык-жоруктарына ачууланбай намазын улантчу.***

***Сүйүктүү пайгамбарыбыз неберелерине карата ушунчалык жылуу мамиле жасагандыктан, неберелери да чоң атасы менен бирге болуудан жана аны менен ойноодон ырахат алышчу. Пайгамбарыбыздын неберелери Асан менен Үсөндү үстүнө миндирип, кубануу менен «балдар, төөңөр абдан сонун, силер да абдан сонунсуңар!»-деп ойнотчу эле.***

*Пайгамбарыбызга неберелеринен бирөөсүнүн оорусунун абдан күчөгөндүгүн айтышты. Пайгамбарыбыз болсо ордунан туруп, кызы Зейнептин үйүнө барды. Таятасынын кучагына түшкөн бала акыркы мүнөттөрүн жашап жаткан учур эле. Арадан анча көп өтпөй небереси кучагында көз жумган учурда, сүйүктүү пайгамбарыбыздын көздөрүнөн жаш шорголоду. Ага: «Эмнеге ыйлайсың?- деп суралганда,- бул көз жаштар Алланын адамдардын көңүлдөрүнө жайгаштырган мээрими. Алла мээримдүү адамдарды сүйөт»- деп жооп берди.*

-Кааласаң мени менен кал, кааласаң атаң менен кет-дегенде, Зейддин атасы аябай толкунданды. Кандай болгон учурда да уулу атасын тандайт болчу. Зейд бир Мухаммедге, анан атасына карап мындай деди:

-Атаке капа болбоңуз. Сиз менен кетүүнү каалабайм, себеби бул үй-бүлө мага сиздин жоктугуңузду сездирген жок. Сүйүүнү жана бакытты бул жерде көрдүм. Бул үй-бүлөдөн кетүүнү каалабайм.

Атасы уулунун чечкиндүүлүгүн көрүп таң калды. Кул болуп туруп, ээсинен кетүүнү кантип эле каалабайт. Мындай болушу мүмкүнбү? Кандай кожоюн эле бул адам, кулдары да аны жакшы көрсө? Ошентип, Зейддин атасы туулуп өскөн айылына өзү жалгыз, бирок көңүлү ток кайтты. Зейддин бул кылганы Мухаммедди аябай толкундантты. Мындан соң Мухаммед аны өзүнө уул кылып алды.

## Баары ага ишенишет эле

Мухаммед отуз бештерге барып калган учур эле. Күндөрдүн биринде үйүнөн чыгып, ойго батып, Кааба тарапка карай жөнөдү. Мекке шаарында уурулук, кылмыштуулук, бир туугандар ортосундагы чыр-чатактар күчөп, адамдардын бири-бирине ишеними калбай калган эле. Ал буга абдан капаланып, бир нерселер кылууну самайт болчу.

Ушундай ойлор менен Каабага карай бара жатты. Бул мезгилде Каабанын оңдолуп түзөтүлүүсү көп убактан бери уланып жаткан болчу. Мухаммед анын акыркы абалы менен таанышууну каалады. Каабага жакында-

шып калганда, ал жерде тургандар баары бир оోздон «Тигинекей Мухаммед, чынчыл жана ак ниет адам!»-деп үн салышты. Мухаммед буга таңданды. Эмне болгонун эч түшүнгөн жок. Ал жерде тургандардан кимдир бирөө:

-Өзүң билесиң, узак мезгилден бери Каабаны ондоп жатабыз. Чоң аталарыбыз тарабынан «Хажерул-Эсвед» деп аталган ташты ордунан алган элек. Азыр болсо аны ордуна кайра коймокчубуз. Бирок ар бир урук өзүн башка уруктардан жогору коюп, ташты ордуна коюуну каалагандыктан арабызда чоң жаңжал чыга турган болду. Ошондо ичибизден бирөө Бени Шейбе дарбазасынан биринчи болуп ким кирсе, ошол адам ташты ордуна коюуда бизге жол көрсөтүп берсин деген сунушун айткан болчу. Натыйжада бул сунушту баарыбыз жактырып кабыл алдык. Бир азга күттүк. Сенин дарбазадан киргениңди көргөнүбүздө, абдан кубандык. Меккеде бул иш үчүн эң ылайык киши сен болосуң. Себеби бир тууганыбызга да ишене албаган мезгилде, мал-мүлкүбүздү бир гана сага аманат кыла алабыз,-деди.

Хажерул-Эсведдин маани-маңызын жакшы билген Мухаммед ташты бир этектин үстүнө койдурду. Ар бир уруктун алдыңкы адамын этектин учунан кармоону сунуштады. Баары этектин бир учунан кармап таш коюла турган жайга барганда, Мухаммед ал ташты көтөрүп ордуна жайгаштырды.

Мухаммеддин бул чечиминен бардык уруктар ыраазы болуп, зээндүүлүгүнө, акылмандуулугуна таң калышты.

***Пайгамбарыбыз бир күнү Асанды кучактап, өөп жаткан. Ал эми анын жанында болсо Темим уруусунун башчыларынан бирөөсү турган болчу. Таята менен небересинин ортосундагы мындай жакындыкка абдан таң калган баякы адам: «менин он балам бар, бирок эч кимисин өпкөн эмесмин»-деп айтты. Анда пайгамбарыбыз мындай деп жооп берди: «мээрим көрсөтпөгөнгө мээрим кылынбайт. Адамдарга мээрим кылбаганга Алла да мээрим кылбайт».***



# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ
# АЗИРЕТИ МУХАММЕДГЕ (С.А.В. ) ПАЙГАМБАРЛЫК МИЛДЕТИНИН БЕРИЛИШИ

## Жабрайил менен биринчи жолугушуу

Азирети Мухаммед (с.а.в.)[1], Меккеде сыгылган убактарында ойлонуу жана ыбадат кылуу максатында Нур тоосундагы Хира үңкүрүнө барат болчу. Бул жерди өзүнө коргонуч жайы кылган эле. Нур тоосу абдан бийик болгондуктан тоонун чокусунан Меккенин бардык тарабы, атүгүл Кааба дагы көрүнүп турчу. Мухаммед тоонун жымжырттыгына кошулуп, бул жерде бир канча күн түнөп калчу.

Ошондой күндөрдүн биринде Мухаммед адаттагыдай эле Хирага барган болчу. Ал түндү ыбадат кылуу менен өткөрүп, абдан чарчаган эле. Караңгылык жоголуп, таң агара баштаган убакта, ал күнгө чейин эч көрбөгөн бир зат маңдайында пайда болду. Эмне болуп жаткандыгын түшүнө электе эле, баягы зат Мухаммедге «Оку!» деп кайрылды. Азирети Мухаммед абдан корккон эле. Коркконунан титиреп жатты. Басыңкы үн менен: «Мен окуш-

1. (с.а.в.) - узартылылганда Саллаллаху Алейхи ва Саллам. Мааниси ага салам болсун

***Пайгамбарга салам***

***Улуу Алла бүткүл мусулмандарга пайгамбарыбызды мактоону буюрду. Ошол себептен пайгамбарыбыздын аты аталган учурда «саллаллаху алейхи ва саллам»-деп айтабыз. Бул болсо пайгамбарыбызга болгон урматсыйдын белгиси. Ал «ага салам болсун» деген маанини билдирет. Жазуу жүзүндө көбүнчө с.а.в. түрүндө кыскартылат.***

***«Албетте, Алла да, анын периштелери да пайгамбарга дуба жана салам айтышат. Эй момундар, силер да ал затка салават жана салам айткыла».***

***(Ахзаб сүрөсү, 56-аят)***

***Алгачкы аян 610-жылы Кадыр түнүндө түшкөн.***

***Биринчи түшкөн аяттар Алак сүрөсүнүн алгачкы беш аяты болуп эсептелет.***

***Алак - адамдын жаралуу стадиясындагы уруктанган жумуртканы (эмбрион) билдирет.***

ту билбейм»-деди. Анда жанагы Мухаммедди катуу кучактап, кысты. Бир канча убактан кийин өз абалына койду. Мухаммед да бир азга буулгансый түштү. Жанагы таанybаган зат ага экинчи жолу «Оку!» деп айтты. Мухаммед да: «Мен окушту билбейм!»-деп кайра жооп берди. Үчүнчү жолу ошол эле суроо суралганда, Азирети Мухаммеддин (с.а.в.) оозунан төмөнкүдөй сөздөр өзүнөн-өзү айтылды:

*«Оку!*

*Жараткан Раббыңдын аты менен оку!*

*Ал инсанды алактан[2] жаратты.*

*Оку, анткени сенин Раббың абдан жоомарт.*

*Ал адамга калем менен жазууну жана билбегенин үйрөтүүчү».*

Мухаммед мындай абалда абдан корккон эле. Эмне болуп жатканына эч түшүнө албай жатты. Ал тезинен үңкүрдүн сыртына чыкты. Үйүнө, аялы Хадийчанын жанына барууну ойлоду. Тоодон чуркап түшүп келе жатканда Мухаммед, «сен Алланын элчисисиң, мен болсо Жабрайилмин!»-деген үндү укту. Үн үңкүрдүн ичинде уккан үн болчу. Бирок үн баягыдан да алибеттүү эле. Мухаммед айланасына көз чаптырып, үн чыккан тарапты билгиси келди. Ошол убакта көк асманды толтура турган көлөмдөгү аябай чоң жанды, затты көрдү. Зат ага дагы бир жолу: «Сен Алланын пайгамбарысың, мен да Жабрайил боломун!»-деп айтты. Азирети Мухаммед (с.а.в.), алдыга да, артка да кете албай, оордунда нестейип катып калды. Деминин кысылганын сезди. Акырын кайра кароого аракет кылды. Баягы зат ошол эле жерде туруп, жанагы сөздөрүн кайталады. Көздөрүн башка тарапка алып качып, жүзүн буруугa аракет кылып көрдү. Бирок кайда карабасын, бардык тарапта аны көрүп жатты.

2. Алак - (ар. ) Бизче айтканда бел суу (сперма)

Таанып-биле албаган баягы зат, заматта көздөн кайым болду. Азирети Мухаммедди (с.а.в.) коркуу сезими чулгап, Нур тоосунан Меккеге карай чуркап жөнөдү. Мекке жолдорун тездик менен басып өтүп, араң дегенде үйүнө жетти.

# Сырдаш Хадийча

Азирети Мухаммед (с.а.в.), калтырак баскан үнү менен аялы Хадийчадан үстүн жабуусун өтүндү. Хадийча эмне болгонун түшүнө бербей, анын үстүн жапты. Андан соң Мухаммед (с.а.в.) терең уйкуга чөмүлдү.

Уктап тургандан соң башынан өткөргөндөрүн аялына бирме-бир айтып берди. «Болуп өткөндөргө түшүнбөй, абдан корктум»-деди. Хадийча анын өзүн басып, сабырдуу болуусуна аракет кылып:

- Коркпо! Аллага ант ичип айтам, ал эч убакта сени уятка калтырбайт. Себеби сен тууган укугун сактайсың. Туура сүйлөйсүң, алсыз-күчсүз болгондорго жардам кыласың. Жакырларды тойгузуп, мусапырды сыйлап, муктаждыгы барларга көмөкчү болосуң-деп айтты.

Хадийча күйөөсүнүн башынан өткөргөндөрүн түшүнүүгө аракет жасады. Аны жакындан таанып-билген жана жакшы көргөн адамы эле. Турмуш курган мезгил ичинде күйөөсүнөн туура эмес нерсени көрүп, уккан эмес эле. Күйөөсүнүн адаттан сырткаркы бир окуяга туш болгондугу ага белгилүү эле. Анын бул сөздүрүнө ишенди.

***

Хадийчанын тууганы болгон Варака тажрыйбалуу жана билимдүү киши болчу. Хадийча Азирети Мухаммедди (с.а.в.) ошол кишиге алып барды. Мухаммеддин башынан өткөргөндөрдүн эмне экендигин бир билсе, ошол адам гана билет болчу.

Варака айтылгандарды дыкаттык менен тыңдады. Бир топтон кийин гана ал мындай дей баштады:

***Куран***

***Куран – Алланын Азирети Мухаммедге (с.а.в.) вахий (Кудайдан келген аян) жолу аркылуу 23 жыл бою аят-аят, сүрөө-сүрөө кылып түшүргөн акыркы ыйык китеби болуп эсептелет. Ал 114 сүрөө жана 6236 аяттан турат.***

***Куран Алланын сөзү болуп, окулуусу да ыбадат болуп эсептелет. Адамдарды бул дүйнө жана акырет бактылуулугуна жеткире турган принцип, буйрук, тыюу салуу жана насааттарды камтыйт.***

***«Албетте, бул Куран эң туура жолго баштайт...»***

***(Исра сүрөсү, 9-аят)***

- Бул көргөн нерсең Алланын Муса пайгамбарга да жиберген Жабрайил аттуу периштеси болот. Атаганат, кана мен да жаш болгонумда, атаганат, адамдардын сени мекениңден зордоп чыгара турган мезгилинде жаныңда болгонумда кана!

Хадийча менен Мухаммед (с.а.в.) бири-бирине карашты. Азирети Мухаммеддин (с.а.в.) жүзүндө кандайдыр бир коркуу сезими бар эле. Ал кайгылуу үн менен:

- Мени Меккеден чыгарып ташташабы?-деп сурады. Анда Варака:

- Ооба! Себеби сен алып келген нерсени сенден мурда алып келишкен бүткүл пайгамбарлар өз мекендеринен чыгарылып ташталган. Эгерде ошол мезгилге дейре жашасам, сөзсүз сага жардам кылмакчымын-деди.

Азирети Мухаммед (с.а.в.), бул сүйлөшүүдөн кийин бир азга болсо да өзүнө келди. Жубайы Хадийча ага ишенген эле. Мухаммеддин болсо анын ишенимине ар дайым муктаждыгы бар эле. Варака абдан маанилүү нерселерди айткан эле. Азирети Мухаммед (с.а.в.) айтылгандарды түшүнүүгө аракет жасады. Анын жаңы милдет менен милдеттендирилгени айдан ачык эле. Эми ал улуу Алла тарабынан милдеттендирилген пайгамбар эле. Ал бул убакта кырк жашта болчу. Ошентип ага адамдарды туура жолго баштап, жамандыктарга каршы күрөшүү милдети жүктөлдү.

***

Азирети Мухаммед (с.а.в.) аялына биринчи аятты окуп бергенде, ал: «Эч ким ишенбесе, мен ишенем»-деп айтты. Анда «эми мага ким ишенээр эле» деген Мухаммеддин үстүндөгү оор жүк бир азга болсо да жеңилдеген эле. Себеби Азирети Мухаммедге Алла Таала тарабынан бир адам аткара ала тургандай оордуктагы милдет берилген болчу. Мухаммеддин бул милдетти аткаруусунда ишенимдүү жана түшүнүктүү жубайы Хадийча чоң

көмөкчү болгон. Ошентип, Мухаммед вахийдин[3] баштапкы кыйын күндөрүн башынан өткөрүп жатты.

Жаңы динди биринчилерден болуп кабыл алгандар Азирети Хадийча жана абасынын уулу Азирети Али эле. Пайгамбарыбыз үй-бүлөсү менен бирге жашыруун түрдө улуу Аллага ыбадат кыла баштаашты. Ошону менен бирге Меккеликтерди жашыруун Исламга чакырып, үндөп жатышты. Адамдарды динге үндөп жатканда, кыйынчылыктарга дуушар болуп, акаарат сөздөрдү да угуп жатышты. Бирок ага карабастан ага ишенгендер акырын бирден-экиден болсо да көбөйүп жатты.

## Даават жайылып жатат

Улуу Алла пайгамбарыбыздан жакын туугандарына даават[4] кылуусун каалады. Ошол себептүү Мухаммед бардык туугандарын үйүнө чакырып, конок кылды. Тамактан кийин аларды Исламга үндөдү.

Пайгамбарыбыздын абасы Абу Лахаб буга катуу каршылык кылып, мындай деди: «Туугандарын мындай жаман нерсеге үндөгөн башка адамды көрбөдүм!» Ошентип баары таркап кетишти. Пайгамбарыбыз бул ишинен кайтпайт болчу. Эртеси дагы конокко чакырды. Бул чогулушта ал улуу Алланын барлыгын жана жалгыздыгын, өзүнүн болсо акыркы пайгамбар экендигин айтты. Ал жаратkandын ага берген улуу милдетин кемчилдиксиз аткарууну көздөп жатты.

Сүйүктүү пайгамбарыбыз туугандарына жасаган чакырыгын эми бүткүл Мекке элине угузууну көздөдү. Мекке шаарынын аянтына келип, бийик бир жерге чыгып: «Эй Курейш уруусу!»-деп үн салды. Үндү уккандар ал жерге топтоло баштаашты. Пайгамбарыбыз аларга:

***Дагы жакын тууган-уруктарыңарды (Алланын азабынан) коркутуп-эскерткин! Өзүңдү ээрчип момун болгон кишилер үчүн канатыңды пас карма (тактап айтканда, аларга жакшы мүнөз менен жупуну мамиледе болгун)! Анан, эгер алар сага баш ийбестик кылышса, анда айткын: «Албетте мен силердин иш-амалыңардан аруумун».***

***(Шуара сүрөсү, 214, 215, 216-аяттар)***

3. Вахий - Кудай тарабынан келген аян
4. Даават - чакырык, үндөө

-Тиги тоонун аркасында душман бар жана азыр сиздерге кол салат десем мага ишенесиздерби?-деп сурады.

Алар да баары бир ооздон:

-Ооба! Биз сенин жалган айтканыңды мындан мурда эч уккан эмеспиз-дешти. Анда пайгамбарыбыз мындай деди:

-Аллага ант ичип айтам, акыры бир күн өлөсүздөр жана бир күн кайра тирилип, бүткүл кылган нерселериңиздердин эсеп-кысабын бересиздер. Күнөөсүз момундар[5] үчүн бейиш, күнөөкөрлөр үчүн тозок оту бар. Мен сиздерди кыямат күнүнүн кыйынчылыктарын эскертүү максатында милдеттендирилдим. Алланын бирөө экендигине жана менин пайгамбар экендигиме ишенгендер ал күндүн кыйынчылыктарынан кутулушат. Ишенбегендер болсо чоң кыйынчылык тартышат. Бул иште мага жардам кылууга даярсыздарбы?

Аянтта топтолгондор мындай чакырыкка абдан таң калышты. Абу Лахаб бул жайда да өзүнүн душманчылыгын көргөзүп, жерден алган ташын сүйүктүү пайгамбарыбызга карай ыргытты:

-Бул болбогон нерселерди айтуу максатында бизди бул жерге жыйнадыңбы?-деп кыйкырды.

Бул жыйналыш жана чакырыктарда пайгамбарыбыз ийгиликке жетишпесе да, бүткүл меккеликтерге Исламдын улуу чакырыгын угуза алды.

## Эркамдын үйү

Хаттабдын уулу Умар эр жүрөк баатыр адам болчу. Ага эч ким даап каршы чыга албай, аны жолдо көргөндөр башка жолго салышат эле. Ал Азирети Мухаммеддин пайгамбарлыгын жарыя кылганын угуп, аны өлтүрүүнү максат кылган болчу. Умар жолдо Нуаймга жолукту. Нуайм

5. Момун- ыйман келтирген адам

мусулман болгон эле. Бирок ал мусулман экендигин жашырып жүргөн болчу. Умарды ачуулуу абалда кездештирген Нуайм ага мындай деп кайрылды:

-Кайда баратасың?

-Мухаммедди өлтүрүү үчүн кетип баратам-деди Умар. Нуайм аптыгып:

-Аллага ант ичемин, кыйын ишке бел байлапсың-деди. Азирети Мухаммедди коргоо жана Умарды жолунан кайтаруу үчүн:

-Сен аны коюп, күйөө балаң менен карындашыңды карабайсыңбы! Алар да мусулман болушту-деди. Муну уккан Умардын аябай ачуусу келди. Тездик менен күйөө баласынын үйүнө карай багыт алды.

Үйдүн жанына келгенде, ичкериде бир нерселердин окулуп жатканын укту. Бир аз тыңшагандан кийин күйөө баласы менен карындашынын мусулман болгондугун аңдады. Тезинен үйгө кирди. Күйөө баласы менен карындашына эмне болуп жатканын түшүндүрбөстөн, алардын экөөн тең үйдүн бурчуна карай ыргытты. Аябай ачуусу келген Умар, аларды өлтүрүү үчүн кылычын кармаган учурда, канга боелгон карындашы ыйламсырап мындай деп кыйкырды:

-Умар Алладан корк! Сен да уккун, биз мусулман болдук. Эмне кылсаң да бизди динибизден кайтара албайсың. Биз эч качан динибизден кайтпайбыз!

Умар карындашынын мындай эр жүрөктүүлүгүнө аябай таң калды. Ал ким эле өзү Умарга каршы чыккыдай. Бир азга токтоп, болуп өткөндөрдөн бир маани чыгара албады. Кылыч кармаган колдорунун титиреп жатканын сезди. Отуруп бир азга ойго батты. Андан соң карындашына кайрылып, эмнени окуп жатышканын сурады. Карындашы Умардын ачуусунун басаңдаганын көрүп, окуп жатышкан аяттарды алып келди.

***Эфиопиялык Билал***

***Кулчулукта жүргөн Билал мусулман болду. Кожоюну ага мусулман болгондугу үчүн ага оор кыйынчылыктарды жасады. Аны дининен кайтаруу үчүн чөл аптабында кумга жаткырып, көкүрөгүнүн үстүнө оор таштарды коюп, «эгер диниңден кайтпасаң, сени ушинтип өлтүрөм»-деп коркутту. Азирети Билал бүткүл бул оор кыйынчылыктарга карабастан: «Алла бир жана эң улуу»-деп бакырып жатты.***

***Пайгамбарга жасалган кордоолор***

***Сахабалардан бири болгон Мүнбит мынтип айтат:***

***-Алланын элчисин көргөн элем. «Лаа илааха иллаллах десеңиздер кутуласыздар»- деген. Ал муну айткан учурда адамдардан кээ бирлери ага түкүрүп, кээ бирлери башына топурак чачып, а кай бирлери болсо жаман сөздөр менен тилдешкен. Адамдардын мындай жамандыктары дигер (асир) убактысына чейин уланды. Ошол мезгилде пайгамбарыбыздын кызы Зейнеп ичи толо суу болгон чака менен ыйламсырап жетип келди. Анда пайгамбарыбыз оболу колу-бутун жууп, анан суудан ичип, кызына мынтип кайрылды:***

***-Ыйлаба, кызым! Күмөнсүз Алла атаңды коргоп алат.***

Карындашы менен күйөө баласы таң калуу менен Умарды тиктеп жатышты. Окуду... окуду... Ал окуган нерсесинен таасирленген болчу. Эми баягы кызуу кандуу Умардын ордуна башка мүнөздөгү Умар пайда болгон эле. Окуп бүткөн соң Эркамдын үйүнүн дарегин сурады. Ал эми башкача сезимдер менен ошол жакка карай жөнөдү.

Азирети Мухаммед Аллага ыйман келтиргендердин саны аз учурда адамдардын көзүнөн ыраак жай издеп жаткан. Эркамдын үйү Меккенин сыртында болгондуктан, анын үйү эң ыңгайлуу жай болчу. Сүйүктүү пайгамбарыбыз сахабалары менен ушул жерде чогулушар эле.

Умарды күйөө баласынын үйүнө карай узаткан соң Нуайм чуркап, өрөпкүп Эркамдын үйүнө келди. Умардын пайгамбарды өлтүрө тургандыгын андагыларга айтты. Анда үйдөгүлөрдүн баары жандарын берип болсо да, пайгамбарды коргоо үчүн кылычтарын чыгарып, аны күтө башташты.

Умар Эркамдын үйүнө келген учурда үйдө жымжырттык өкүм сүрүп жаткан. Ичкери кирип, пайгамбарыбыз менен жолугуша тургандыгын айтты. Пайгамбарыбыз да анын жанына кирүүсүнө уруксат берди. Умар жай басып, пайгамбарыбыздын жанына келип, тизе бүгүп олтуруп, мындай деди:

-Лаа илааха иллаллах, Мухаммадун Расулуллах (Алладан башка кудай жок, Мухаммед анын элчиси).

Ошентип, Эркамдын үйүндө тургандардын баарынын таңдануулары астында Умар мусулман болду.

Азирети Умардын мусулман болуусу, ыйман келтиргендердин күчүнө күч, кудуретине кудурет кошкон. Баары чогуу Каабага барышып, намаз окушту. Эми мусулмандар диндерин жашырышпаса да болот болчу. Күн өткөн сайын мусулмандардын саны көбөйүп, Эркамдын үйүнө батпай турган болушту. Исламдын чакырыгы Меккенин сыртындагы адамдарга да угузулуусу тийиш эле. Ошон-

дуктан пайгамбарыбыз Меккенин сыртында жашоочу урууларды кыдыра баштады. Ал барган жерлеринде кээде жакшы тосуп алынса, кээде болсо катуу акааратгарга дуушар болду. Бирок бардык кыйынчылыктарга карабастан пайгамбарыбыз айтканынан кайтпастан жана үмүтүн үзбөстөн Исламдын чакырыгын адамдарга жеткирүү үчүн аракет жасап жатты.

## Артка кайтарууга болгон аракеттер

Исламдын чакырыгын кабыл алышкан адамдардын саны тездик менен өсө баштады. Мүшриктер[6] буга тынчсыздана башташты. Мусулмандардын көңүлүн чөгөрүү жана адамдардын Исламга багытталуусуна бөгөт коюу максатында ыйман келтиргендерге тийиштик кыла башташты. Аларга жолуккан жерде түртө өтүп, жаман сөздөр менен тилдеп жатышты. Сүйүктүү пайгамбарыбызды көрүшкөндө болсо: «Карагылачы, ушул адам асмандан кабар алып жатыптыр!»-дешип тийиштик кылышат эле. Муну менен эле чектелбеген мүшриктер пайгамбарыбызды абдан жакшы таанып билишсе да, аны жинди, сыйкырчы, палчы деген сыяктуу сөздөр менен акаарат кылышат болчу. Мусулмандарга жасаган жамандыктары ушунчалык жаман абалга чейин жетип, а түгүл аларды өлтүргөнгө дейре барышты.

Бирок алардын бүткүл артка кайтарууга болгон аракеттерине карабастан, Исламдын жайылуусуна тоскоолдук кыла алышпады. Мусулмандардан эч ким дининен кайтпады. Мындайда мүшриктер эмне кылаарын билишпеди. Акыркы чара катары, Меккенин башкаруучу адамдары топтолушуп, пайгамбарыбыздын абасы Абу Талибге

---

6. Мүшрик- Кудайга шерик (орток) кошкон адам

***Алгачкы шейиттер***

***Аммар менен аялы Сүмеййе мусулман болушту. Алардын мусулман болгондуктары каңшаары элге таркалгандан кийин аябай катуу кыйноого дуушар болушту. Жакыр жана алсыз болгондуктары себептүү аларды коргон алар адамдары да жок болчу. Алар өз ишенимдерине аябай берилген адамдардан болушчу. Пайгамбарыбыздын душманы Абу Жахилдин жасаган аябай оор кыйноолоруна чыдоо менен бирге өз дининде жашоону улантышты. Аларды диндеринен кайтара албаган Абу Жахил акыр аягында найзалап шейит кылды.***

***Аммар менен аялы Сүмеййе ишенимдери жолунда шейит болгон алгачкы мусулмандардан болуп эсептелишет.***

барууну чечишти. Алар Абу Талибден абалды Мухаммедге түшүндүрүп, Мухаммеддин максатынан кайтуусун талап кылышканын билдиришти. Алар Абу Талибге кайрылып:

-Иниң менен сүйлөшүп көр. Бул ишинен кайтсын-дешти.

Абу Талиб инисин чакырып, ага айтылгандарды айтып берди. Пайгамбарыбыз да ага жооп кылып:

-Күндү оң колума, айды болсо сол колума коюшса да, өлгөнгө дейре бул ишимден артка кайтпайм-деди.

Чындыгында, Абу Талибдин Меккеликтердин мусулмандарга жасаган зулумдуктарынан кабары бар болчу. Пайгамбарыбыздын чечкиндүүлүгүнөн таасирленип, ага зыян тийүүсүн каалабады. Кайра пайгамбарыбызга арка чыгып, жардам берүүсүн улантып:

-Капаланба, мен өлбөй турсам, алар сага эч нерсе кыла алышпайт-деди.

***

Меккелик мушриктер пайгамбарыбыздын бул максатынан кайтара алышпай турганына көздөрү жетишкен соң, башка чара колдонууга аракет кылышты. Алар өзүлөрүнүн арасында бир келишим түзүшүп, аны Каабанын дубалына илип коюшту. Анда Мухаммеддин өлүк же тирүү абалында өздөрүнө тапшырылуусуна дейре анын туугандары жана ага ишенген мусулмандар менен байланышты үзүүгө чечим чыгарышкан эле. Ошентип пайгамбарыбыздын туугандары жана мусулмандар душман катары кабыл алынды. Алар менен кыз алып-берүүгө, соода-сатык жасоого жана сүйлөшүүгө тыюу салынды.

Мусулмандар үчүн узак жана абдан кыйын күндөр башталды. Соода сатык кыла албай, жакырчылык жана ачарчылык күндөр өтүп жатты. Бирок аябагандай кыйын кезеңдерде да, алар пайгамбарыбызды душмандарынын колуна тапшырууну ойлоруна да келтиришкен жок.

Тескерисинче, аны коргоо үчүн ар түрдүү кыйынчылыктарга чыдашты.

Үч жыл ушундай кыйынчылыктар менен өттү. Акырында меккелик мүшриктер жеңилишти. Арасында пайгамбарыбыздын туугандарынан болгон бир топ адам Каабанын дубалында илинип турган келишимди жыртып, бойкотту[7] алып ташташты. Мусулмандар бул бойкоттон кайрадан жаңы дем-күч менен чыгышты.

## Кайгы жылы

Бойкот мезгили бүтүп, мусулмандар кайра мурдагыдай жашоого өтүштү. Бойкот бүткөндөн бир нече айдан кийин сүйүктүү пайгамбарыбызды кайгыга салган эки маанилүү нерсе болуп өттү. Бири сырттагы камкорчусу Абу Талибдин, экинчиси үйдөгү камкорчусу Азирети Хадийчанын өлүмдөрү болду. Алардын экөө тең Мухаммедге эң кыйын кезеңдерде да таштап койбой жардам беришкен. Ошондуктан ал экөө Мухаммеддин оор күндөрүндө коргоочу жөлөктөрү болгон. Пайгамбарыбыз Мухаммед кайгы капага чөмүлүп: «Бул күндөрдө үммөтүмүн үстүнө түшкөн бул эки кыйынчылыктан кайсынысына көбүрөөк кайгыраарымды билбей турам»- деди. Бул жыл пайгамбарыбыз үчүн кайгы жылы болду.

# Жаңы жайды издөө

## Эфиопия (Хабешистан)

Меккеде жашоо абдан катаал болчу. Мусулмандарга жасалган зордук-зомбулук күн өткөн сайын күчөп жатты. Ошондуктан пайгамбарыбыз мусулмандар үчүн жаңы

7. Бойкот- айрым адамдар, уюмдар же мамлекет тарабынан өз ара мамилени токтотуп салуу; бул саясий жана экономикалык күрөш жүргүзүүнүн бир ыгы

***Азирети Хадийча***

***Пайгамбарыбыздын сүйүктүү аялы Азирети Хадийчага болгон сүйүүсү ушунчалык бийик болгон. Ал көз жумгандан кийин да аны унута алган эмес. Сүйүктүү аялынын колдоосун, достугун жана камкордугун ар дайым эскерер эле. Себеби аялы Азирети Хадийча пайгамбарыбызга эң оор күндөрүндө бардык жактан жардам, колдоо көрсөтүп, эч ким ишенбеген күндө да ага ишеним көрсөтүп ишенген болчу. Булардын баарын жакшы билген пайгамбарыбыздын кийинки аялы Азирети Айша, Азирети Хадийчанын ордунда болууну каалар эле.***

жай издей баштады. Алгач он беш адамдан турган мусулман тобуна Эфиопияга карай көчүүсүнө уруксат берди. Бул болсо мусулмандардын биринчи көчү болгон. Мүшриктер болсо, мекенинде калган мусулмандарга басмырлоосун улантышып, зордук-зомбулук көрсөтүп жатышты. Оор кыйынчылыктарга тушуккан мусулмандар ыбадаттарын кылууда да кыйналып жатышты. Бир жылдан кийин кайрадан жүз адамдан турган мусулмандардын чоң тобу Эфиопияга жашыруун түрдө кетишти. Меккелик мүшриктер болсо, буга тоскоолдук кылуу максатында Эфиопияга элчилик жөнөттү.

Эфиопия падышасы Нежашийнин алдына барган элчилер алып келишкен кымбат баалуу тартууларын ага беришти. Падыша алардын ким экендиктерин сураганда, элчилер:

-Биз Меккеден келдик. Меккеден качып, сиздин өлкөңүздөн баш-паанек издеген адамдарды алууга келдик-дешти.

Нежаший элчилерге:

-Бул адамдарды эмне үчүн алып кеткиңер келип жатат?-деп сураганда, элчилер Эфиопияга келишкен бул адамдардын ата-бабаларынын диндерин таштап, башка динге ишенгендиктерин жана муну жаюуга аракет кылгандыктарын, ошондой эле өзүлөрүнүн да буга каршы чыгып, бөгөт болууну каалашканын айтышты.

Кыска мөөнөттүү жымжырттыктан соң Нежаший отурган жеринен туруп, өлкөсүнөн баш-паанек издеп келген мусулмандарды кайтарып берүүнү ойлоду. Бирок бул анын адилеттүү башкаруусуна туура келбейт болчу. Каралган тарапты да тыңдап угуусу тийиш болчу. Падыша өлкөсүнө келген мусулмандардын алынып келинүүсүн буйруду.

Нежаший элчилердин айткан сөздөрүн мусулмандарга айтып берди.


Uhut dağı
Medine
Kuba
Bedir
Biri Maune
Ebva
Hudeybiye
Reci
Habeşistan
Mekke
Taif
Sevr Dağı

-Силердин айта турган сөзүңөр барбы?-деп аларга кайрылды. Анда мусулмандардын ичинен Абу Талибдин уулу Жапар алдыга чыгып мындай деп айтты:

-Биз оозубузга дейре жамандыктарга баткан элек. Алла бизге өз ичибизден туура, ишенимдүү жана тектүү деп билген бир адамды пайгамбар катары жиберди. Бул пайгамбар бизди ата-бабаларыбыз сыйынып келишкен айкелдерге сыйынбастан, Алланы жалгыз деп билүүгө жана ага ыбадат кылууга үндөдү. Бизди туура сүйлөөгө, аманатка кыянатчылык кылбоого, тууганчылык байланыштарын үзбөөгө, коңшулар менен жакшы мамиледе болууга, кан куумай адатынан кайтууга чакырды. Адепахлаксыздык кылууга, жалган күбөлүккө өтүүгө, жетим-жесирдин малы-мүлкүн акысыз жешке жана ар-намыстуу аялдарга жалаа жабууга тыюу салды. Жалгыз гана Кудайга ыбадат кылууга жана ага эч нерсени шерик кошпоону буйруду. Биз да ага ишенип, айткан нерселерин кабыл алдык. Алла ага эмнени буйруган болсо, биз да аны аткардык. Адал деп эсептегенин адал деп билдик. Бирок уруулаштарыбыз бизге аябай жаман мамиледе болушуп, зордук-зомбулук көрсөтүштү. Бизди динибизден кайтаруу үчүн ар түрдүү жолдорго барышты. Натыйжада, башка чаара таба албай сиздин өлкөңүздөн баш-паанек издеп келдик.

Нежаший айтылгандарды дыкаттык менен укту. Жапардан Алладан келген аяттарды окуусун сурады. Жапар болсо падышага Марям сүрөсүнүн бир бөлүмүн окуп берди. Алланын аяттарын уккан Нежаший элчилердин айткан нерселеринин туура эмес экендигин түшүндү. Элчилерге мусулмандарды аларга бербестигин жана мусулмандардын өлкөсүндө ээн эркин жашай алышаарын айтты. Элчилерди болсо алып келишкен тартуулары менен кайра артка кайтарды. Ошентип алар куру кол Меккеге кайтып келишти.

## Таиф

Сүйүктүү пайгамбарыбыз жубайы Азирети Хадийчанын өлүмүнөн бир ай өткөндөн кийин, өзүнө уул кылып алган Зейд менен бирге Таиф шаарына барды. Анын максаты Меккедеги кыйынчылыктардан бир азга болсо да алыстап, башка адамдарга Исламды түшүндүрүү болчу.

Пайгамбарыбыз Таифте чогулгандарга жараткандын бар экенин, атынын Алла экенин жана андан башка жаратуучу жок экенин, өзүнүн болсо акыркы пайгамбары экендигин айтты. Таиф шаарынын тургундары катуу каршылык көрсөтүшүп, пайгамбарыбызга жана Зейдге акаарат кылышты. Кулдар жана жаш балдар пайгамбарыбыз менен Зейдди таш бараңга алышты. Зейд ыргытылган таштардын пайгамбарыбызга тийбестиги үчүн өзүн калкан кылып тосуп жатты. Жыгылып араңдан-зорго ал жерден алыстоого аракет жасап жатышты. Ыргытылган таштардан жараланган пайгамбарыбыздан кан шорголоп агып жатты. Буттарынан жараланган пайгамбарыбыз жерге олтура калып, баса баштаганда кайрадан таш бараңга алышып, мыскылдап жатышты. Пайгамбарыбыз менен Зейд ал жерден алыстап кеткенден кийин кайгымуң жана чарчоо абалында жүзүм дарагынын көлөкөсүнө олтура кетишти. Пайгамбарыбыз мындай деди:

-Эй, Аллам! Күчсүз жана чаарасыз абалда калдым. Адамдарга карата чарам жоктугун бир гана сага айта алам Аллам! Алсыздардын коргоочусу сенсиң. Чындыгында, кудуреттүү болгон сенсиң жана сен гана кулуңду ар түрдүү жамандыктардан коргой аласың.

Пайгамбарыбыз ушунчалык жамандыкты ыраа көргөндөргө да тескери бата кылган жок. Себеби ал мээр жана сүйүү пайгамбары болчу.

### *Исра жана Мираж мужизасы (керемети)*

***Үч жылга созулган абдан оор бойкоттун аркасынан абасынан жана аялынан айрылган сүйүктүү пайгамбарыбыз, Таиф шаарынан колу бош кайткан кезде, мурдагыдан да кайгыкапага бөлөнгөн. Бул кыйын күндөрдө жараткан Аллага жардам кылуусу үчүн жалбарып дуба кылып жатты.***

***Бир түнү пайгамбарыбыз Каабада ыбадат кылып жатканда Жабрайил аттуу периште келди. Жабрайил пайгамбарыбызды Меккеден Кудустагы Акса мечитине алып барды. Андан соң экөө бирге Акса мечитинен асманга көтөрүлүштү. Бул окуя Исра жана Мираж мужизасы деп аталат. Бул окуя өтө аз убакыттын ичинде болуп өтүп, пайгамбарыбыз Меккеге кайтып келгенде, дале таң ата элек болчу.***

***Улуу Алла Мираждa пайгамбарыбызга жана мусулмандарга беш убакыт намаз окууну буйруду.***

## Акаба - Мадинага барылуучу жол

Сүйүктүү пайгамбарыбыз бүткүл кыйынчылыктарга карабастан Исламдын чакырыгын адамдарга жеткирүүгө аракет жасап жатты. Ал ошондой эле мусулмандардын бактылуу турмушта жана тынчтыкта жашоолору үчүн жаңы мекен издеп жатты.

Пайгамбарыбыз күндөрдөн бир күн Мадинадан келген бир топ адамдар менен жолугушуп калды. Аларга Исламды түшүндүрүп берди. Алар да мусулманчылыкты кабыл алышты. Мусулман болгон бул адамдар менен кийинки ажылык мезгилинде жолугуша турган болуп коштошушту. Кийинки жылы бул топко алты киши дагы кошулуп, баары он эки адам болушту. Ажылык мезгилинде Меккеге келишип, сүйлөшүп койгон жерде кайра жолугушту. Пайгамбарыбыз мусулман болгон он эки адамдан «Аллага эч кандай шерик кошпоо, уурулук кылбоо, бузук аялдар менен бирге ойношпоо, кыз балдарын өлтүрбөө, башкаларына жалаа жаппоо» туурасында убадаларын алды. Бир жылдан кийин ошол эле жерде кайра жолугуша турган болуп өз үйлөрүнө кайтышты. Пайгамбарыбыз сахабасы Умейр уулу Мусабды Мадиналыктарга Исламды үйрөтүү үчүн алар менен бирге жиберди. Мусаб болсо көп эмгектенип, Исламдын Мадинада жайылуусуна себепкер болду.

Кийинки жылы мадиналык мусулмандар жетимиш беш адам болуп Меккеге кайра келишти. Пайгамбарыбыз менен Акаба деген жерде жашыруун жолугушуп, аны Мадинага чакырышты. Пайгамбарыбыз Акабага абасы



Аббас менен бирге келген болчу. Аббас мадиналыктарга карап мындай деп айтты:

-Ал менин бир тууганымдын уулу. Мен аны абдан жакшы көрөм. Бул жерде аны биз коргоп жатабыз. Мадинага бара турган болсо, ага залал тийишинен корком. Эгер сиздер Мадинада аны душмандардан коргоп колдой тургандыгыңыздар туурасында өзүңүздөргө ишенип жатсаңыздар анда ал сиздер менен бара берсин. Андай кыла албасаңыздар бул жерде калсын.

Пайгамбарыбыз да абасы Аббастын сөздөрүнө кошумчалап мындай деди:

-Сиздерден каалаганым Аллага эч бир шерик кошпостук жана ага ыбадат кылууңуздар. Өзүм үчүн болсо мени жана досторумду коргооңуздарды каалайм-деп Курандан аяттарды окуду.

Мадиналыктар сүйүктүү пайгамбарыбыз жана анын досторун өз үй-бүлөлөрү сыяктуу коргой тургандыктарына, ар дайым жакшылыкты аркалап, жамандык кылгандарды эскертише тургандыктарына убадаларын беришти. Пайгамбарыбызды Мадинага чакырышты. Акабадагы жолугушуудан кийин пайгамбарыбыз мусулмандардын Мадинага көчүүлөрүнө уруксат берди.

### *Намаз*

***Акыл-эси жайында, балакат жашына келген мусулман эркек жана аялга күндө беш убакыт намаз окуу парз. Маанилүү себеп болбой туруп намаздарды окубоо чоң күнөө. Өзгөчө жума күндөрү жума намазын окуу парз болуп саналат. Рамазан жана курман айт намаздарын окуу болсо важип.***

***«(Эй Мухаммед), сен өзүңө вахий кылынган- Китеп Куранда болгон (аяттар)ды окугун жана намазды толук аткар! Албетте, намаз бузукулук менен жамандыктан тосот. Ырасында Алланы зикир кылуу-эстөө (бардык нерседен) улук. Алла кылып жаткан ишиңерди билип турат».***

***(Анкабут сүрөсү, 45-аят)***





# ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ
# МАДИНАГА КӨЧҮҮ

## Кайтуу үчүн баратабыз

Сүйүктүү пайгамбарыбыз менен анын жакын досу Азирети Абу Бакир Меккеге жакын жайгашкан Севр тоосундагы үңкүргө келип жашынышкан эле. Азирети Алини болсо меккеликтердин пайгамбарыбызга беришкен аманаттарын өз ээлерине тапшыруу үчүн Меккеде таштап кетти. Ошол түнү Азирети Али мүшриктерди жаңылтуу максатында пайгамбарыбыздын төшөгүнө жатты. Азирети Абу Бакирдин уулу Абдуллах болсо, алар үңкүрдө турушкан мезгил ичинде Меккеде эмнелер болуп жаткандыгын кабар берип турган. Бул убакта чабандык кесип менен алектенген Амир койлорду баккан болуп Севр тоосунун этегине айдап келет. Андан соң пайгамбарыбыз менен Абу Бакирге сүт берип, мүшриктерди адаштыруу үчүн Абдуллахтын издерин жок кылат болчу. Урей-

***Пайгамбарыбыз Азирети Абу Бакир менен Севр үңкүрүндө жашырынган мезгилде аларды издөөгө чыккан бир топ адам таап алууга аз калган эле. Алардын изин кууп келгендер үңкүрдүн оозуна дейре келишкен болчу. Атүгүл ийилип ичкери жакты карашканда аларды көрө алышат болчу. Бирок Алла аларды коргоду.***

***Куранда көчүү (хижрат) мындайча баяндалат:***

***«Эгер силер ага (пайгамбарга) жардам кылбасаңар Алланын Өзү ага жардам кылды. Аны каапырлар ал эки адамдын бири болгон абалында (тагыраак айтканда, бир жолдошу менен Меккеден) айдап чыгышканда (ага Алла жардам берди эле го). Ошондо алар экөө үңкүрдө турган чактарында жолдошуна: «Кейибе, албетте Алла биз менен бирге», дегенде, Алла ага көңүл токтук түшүрдү жана аны силер көрбөгөн аскерлер (периштелер) менен колдоп-кубаттады, ошондой эле каапырлардын сөздөрүн пас кылып койду, Алланын Сөзү гана жогору Сөз. Алла кудуреттүү, даанышман.***

***(Тавба сүрөсү, 40-аят)***

кид уулу Абдуллах да үчүнчү күнү эки төөнү Севр тоосунун этегине алып келип, сапарлары учурунда аларга жол көрсөтүүчү болгон. Эртеси күнү үңкүргө жашыруун келген Азирети Абу Бакирдин уулу Абдуллах Меккеде болуп жаткан окуяны төмөнкүдөй баяндады:

-Мүшриктер эрте менен үйүңүзгө киришкенде төшөгүңүздөн Азирети Алини көрүп аябай таң калышты. Азирети Алиге жаман мамиле жасашып, бир нече убакытка камап коюшту. Андан эч нерсени биле алышпаган соң, бизден да маалымат алууга аракет жасашты. Өз мүдөөлөрүнө жете алышпагандан кийин кайра кетишти. Алар муну менен эле чектелип калбай, сизди өлүү же тирүү алып келген адамга жүз төө белек бериле тургандыгын жарыялашты. Муну уккандардын баары сизди издөө үчүн жолго чыгышты.

Үңкүрдө эки күн өтүп, үчүнчү күндүн таңы атты. Таңга маал пландаштырып койгондой Урейкид уулу Абдуллах төөлөрдү алып келди. Ошентип, алар баары бирге Мадинага карай багыт алышты.

Туулуп өскөн, балалык жана жаштык чактарын өткөргөн Меккеден айрылуу сүйүктүү пайгамбарыбыз үчүн абдан оор болду. Кубанычы менен сүйүнүчүн, үмүттөрү менен кыялдануударын баарын-баарын таштап кетип жаткан болчу. Ал эми Меккеде калган мусулмандарга зордук-зомбулук улантылып жатты. Алар Алланын буйруктарын эркин орундата алышпай жатышты. Меккеден айрылуу кыйын болсо да, Мадина алар үчүн жаңы үмүт шооласы болчу. Мында алар Исламды эркин түшүндүрүп, бейкут жашай алышат болчу. Пайгамбарыбыз төөнүн үстүндө

Мадинага карай бара жатып, ушуларды ойлоп жатты. Кыска убакытка токтоп, артка Меккеге карап мындай деди:

-Мекке, сен мен үчүн жер жүзүндөгү эң кооз шаарсың. Эгер мени сенден ажыратпаганда, мен эч качан сенден ажырабайт болчумун. Акыры бир күн кайра сага келем.

Ошентип, Вараканын айтканы туура болуп чыкты. Пайгамбарыбызга элүү үч жашында ата журтунан айрылууга туура келди.

*Азирети Умар эр жүрөк жана баатыр киши болгон. Ал Меккеден Мадинага көчүүдө жашыруун кетүүнү өзүнө ылайык көрбөдү. Ошондуктан ал кылычын белине тагып, жаасы менен жебесин колуна кармап, Каабага барды. Ал жерде тургандарга кайрылып мындай деди: «Эй, мушриктер! Мадинага көчүп баратам. Кимде-ким балдарын жетим, аялдарын жесир, апаларын ыйга калтырууну каалаган болсо келсин! Аны менен урушуу үчүн маңдайда турган тоонун ары жагында күтөмүн». Анын аркасынан бир да киши даап бара албады.*

## Баары аны күтүп жаткан

Сүйүктүү пайгамбарыбыз жана сапардаш досу Азирети Абу Бакирдин Севр тоосундагы үңкүрдөн чыгышкандарына сегиз күн болду. Күндүзү күндүн куйкалаган ысык аптабында эс алып, түндөсү болсо жолун улантып жатышты. Кыйын сапардан соң Мадинага үч чакырым алыстыктагы Куба айылына келип конушту.

Мадиналык мусулмандар болсо пайгамбарыбыздын Меккеден бул жакка келе жатканын угушкан эле. Ар күнү Мадинанын сыртында жайгашкан бийик бир дөңсөөгө чыгышып, толкундануу менен пайгамбарды күтүп жатышты.

Меккеден айрылгандан бери пайгамбарыбыздан кабар алыша элек болчу. Ошондуктан кооптонуп жатышты.

Кары-жаш дебей бардык мадиналыктар пайгамбарыбыздын келишин чоң кубаныч жана сүйүнүч менен тосуп алышты. Балдар баары бир ооздон: «Сүйүктүү пайгамбарыбыз, кош келдиңиз!»-деп тосуп алып жатышты. Мадина шаары заматта майрамга бөлөндү.

*Пайгамбарыбыз көч учурунда Куба менен Мадинанын ортосунда жайгашкан Рануна өрөөнүнө келгенде, жүз чакты мусулманга хутба окуп, биринчи жума намазын кылдырды. Бул жайдагы мечит азыр «Жума мечити» деп аталат.*

Пайгамарыбыз Мадинага киргенде, бардык тургундар аны үйүндө сыйлоо максатында бири-бири менен жарышып: «Сүйүктүү пайгамбарыбыз биздикине келиңиз»-деп жатышты. Ал болсо төөсүн бош коюп, төө кайсы үйдүн тушуна токтосо, ошол жерде конок боло тургандыгын айтты. Ошенткенде гана эч кимдин көңүлүн оорутпайт болчу. Төө жүрүп олтуруп, акырында бир бош жерге барып, ошол жерге чөктү. Бул жерге эң жакын үй Абу Айуб Эшарийдин үйү болчу. Абу Айубдун кубанычы



койнуна батпай сүйүндү. Пайгамбарыбызды жана Абу Бакирди үйүндө коноктоо аны чоң бакытка бөлөйт болчу.

Сүйүктүү пайгамбарыбыз бир нече убак Абу Аюбдун үйүндө конок катары жашады.

***Пайгамбарыбыз Мадинага келгенде, кыз балдар аны төмөнкү ыр менен тосуп алышкан:***

***ТОЛГОН АЙ ЧЫКТЫ ЖАҢЫДАН***

***Ай чыкты бизди карай,***
***Веда дөбөсүнөн.***
***Шүгүр кылуу бизге керек.***
***Аллага дааватыңдан.***

***Сен жарык күн, сен толгон ай,***
***Сен нурлардын нурусуң.***
***Сен Үркөр жылдызысың,***
***Эй, сүйүктүү, эй, элчи!***

***Эй, бизге келген пайгамбар,***
***Улуу үндөө менен келдиң.***
***Сен бул шаарга бакыт бердиң,***
***Эй, сүйүктүү, эй, элчи!***

***Көч учурунда сүйүктүү пайгамбарыбызды Мадинада үйүндө конок кылган Абу Аюбдун кабыры, Станбулда Аюб Султан мечитинин жанында жайгашкан.***





# БЕШИНЧИ БӨЛҮМ
# МАДИНА - МАДАНИЯТ ШААРЫ

## Маданият түптөлүп жатат

Мадина шаарынын эски аты Йесриб болчу. Сүйүктүү пайгамбарыбыздын бул жерге көчүүсүнөн мурда да маанилүү шаарлардан бири болчу. Анда еврей жана арап уруулары бирге жашашчу. Элдин арасында ар түрдүү ишеничтер бар эле. Уруулар ортосунда биримдик жок болчу. Алардын араларында ар түрдүү себептерден улам душмандык бар эле.

### Мечит

Сүйүктүү пайгамбарыбыз Мадина шаарында алгач бир мечит курдурду. Мечит мусулмандардын бир гана ыбадат кыла турган жайы эле эмес, ошол эле учурда мусулмандардын аңгемелешип көйгөйлөрүн биргеликте чече турган жана кедей-кембагалдардын баш-паанек кылган жайы да болчу. Мечитте билим берүү маселеси жолго коюлуп, Азирети Мухаммед мусулмандардын мугалими болучу.

***Пайгамбарыбыз Мадина шаарына келгенде, төөсү чөккөн бош жайга мечит курдурду. Курдурулган бул мечиттин аты «Пайгамбар мечити» (Масжиди Набавий) болуп аталды.***

# Азан

Мусулмандардын саны күндөн күнгө өсүп, мечит толуп-ташып, мындан кийин муктаждыкты канааттандыра албай калган эле. Намаз убактысын угузуу жана мусулмандарды ыбадатка чакыруу үчүн орток белгиге муктаждык бар болчу. Христиандар ыбадат убактысын коңгуроо кагып, еврейлер болсо, труба чалып билдиришчү. Ошол себептүү коңгуроо же труба болбошу керек эле. Оттун жагылышы, же байрактын илинүүсү да туура көрүлбөдү. Зейддин уулу Абдуллах жана сахабалардан кээ бирлеринин көргөн түштөрү аркылуу маселеге жол табылды. Абдуллага түшүндө азандын сөздөрү үйрөтүлгөн болчу. Баары көргөн түштөрүн пайгамбарыбызга айтып беришти. Ал да айтылгандарды туура көрдү. Ошол эле сөздөр пайгамбарыбызга вахий аркылуу үйрөтүлгөн болчу. Пайгамбарыбыз азандын сөздөрүнүн Азирети Билалга үйрөтүлүп, ал тарабынан айтылуусун каалады. Себеби Азирети Билалдын үнү жагымдуу жана уккулуктуу эле.

Азанды Азирети Билал окуп, ошол жагымдуу үнү аркылуу мусулмандарды ыбадатка чакырып жатты.

***Азан***

*Аллаху акбар (4 жолу)*
*Ашхаду ан лаа илааха иллаллах (2 жолу)*
*Ашхаду анна Мухаммадан Расулуллах (2 жолу)*
*Хаййа алас салах (2 жолу)*
*Хаййа алал фалах (2 жолу)*
*Аллаху Акбар (2 жолу)*
*Лаа илааха иллаллах (1 жолу)*

***Кыргызча мааниси:***

*Алла эң улуу*
*Күбө болом Алладан башка кудай жок*
*Күбө болом Мухаммед анын кулу жана элчиси*
*Келгиле намазга*
*Келгиле кутулууга жана бакытка*
*Алла эң улуу*
*Алладан башка кудай жок.*

# Конуш жай

Сүйүктүү пайгамбарыбыз көчүп келгендер үчүн Мадинада жаңы конуш жай үчүн план даярдады. Мадиналык мусулмандар колунда болгон ашыкча жерлерин көчүп келген мусулмандарга беришти. Пайгамбарыбыз да багышталган жерлерге көчүп келген адамдарды жайгаштырды.

# Бир туугандык

Сүйүктүү пайгамбарыбыз бардык мусулмандардын бир туугандай болуп, бири-бири менен ынак мамиледе болуусуна себепчи болду. Кыйынчылыктардан чыгуу-

нун жолу да ушул болчу. Меккеден Мадина шаарына көчүп келген мусулмандар Мухажир, Мадинада аларды тосуп алып жардам көрсөткөндөр Энсар деп аталды. Мухажирлер Мадинада мусапыр катары болгон. Анткени алар бардык нерселерин, мал-мүлкүн Меккеде таштап келишкен эле. Кээ бирлери жубайын, баласын, кээ бирлери мал-мүлкүн таштап келишкен. Пайгамбарыбыз Энсарлар менен Мухажирлерди бир бир тууган деп жарыялады. Ар бири өз-өзүнө бирден бир тууган тандады. Бир туугандар белгиленип бүткөн соң, Мухажирлер кыйынчылыктардан кутулуп, Энсарлар болсо кыйынчылыкта калгандарга жардам колун сунуу бакытына жетишишкен болчу.

Ошентип, пайгамбарыбыз мусулмандардын бири-бирине жөлөк-таяк болууларын, ички жана тышкы душмандарга каршы бардык тараптан күчтүү коом болууларын камсыз кылган.

## Биргеликте жашоо

Меккелик мүшриктер Мадинага кол салууну көздөп жатышты. Мусулмандар ич араларында биримдик жана теңдикти курушкандан кийин сырткы душмандарга каршы да биримдикти куруу муктаждыгын сезишти.

Мадинанын эли он миңге чукулдап калган эле. Шаар тургундарынын бир бөлүгүн түзгөн еврейлердин саны да бир топ болчу. Мадинада мындан сырткары мусулман эмес араптар да бар эле. Пайгамбарыбыз аталган топтор менен сүйлөшүп, Мадинада биргеликте, тынчтыкта жашай алыша турганын түшүндүрүп берди. Сүйлөшүүлөр бүткөн соң, келишимге кол коюшту. Бул келишим боюнча мусулмандар жана еврейлер тең укукка ээ болуп, эгер бир еврейге зыян тийген болсо, ага мусулмандар да еврейлер да жардам кылышат болчу. Мындай абал мусулмандарга да тиешелүү эле. Келишим боюнча, сырттан боло турган кол салууга каршы бирге коргону-

***Орозо***

***Орозо мусулмандардын Меккеден Мадинага көчтөрүнөн бир жарым жыл кийин мусулмандарга төмөнкү аят аркылуу парз кылынган:***
***Эй момундар, силерден мурунку өткөндөргө парз кылынган сыяктуу, силерге да такыбаа болушуңар үчүн саналуу күндөрдө орозо кармоо парз кылынды.***
***(Бакара сүрөсү, 183-аят)***

шат эле. Ал эми пикир келишпестик болгон учурда, маселени пайгамбарыбыз чечет болчу.

Сүйүктүү пайгамбарыбыз бул келишим боюнча пикир келишпестиктерде калыс адам катары кабыл алынган. Бул келишим боюнча, ар бир адам ээн- эркин өз дининде жашай алат болчу.

Келишим Мадинадагы ички келишпестиктерге чекит койгон болчу. Акырында бул келишимден ийгиликтүү чыккандар пайгамбарыбыз жана мусулмандар болду.

***Хадис***

***Пайгамбарыбыздын сөздөрү хадис деп аталып, ал мусулмандар үчүн Курандан кийинки экинчи булак болуп саналат.***

***Хадистерден үзүндүлөр***

***(Риязус Салихин, Диянат Иштери Башкармалыгы басмасы)***

- ***Исламда беш негиз бар: Алладан башка кудай болбогондугуна жана Мухаммед анын кулу жана элчиси болгондугуна күбө болуу, намаз окуу, зекет берүү, Рамазан орозосун тутуу жана күчү жеткендер үчүн Каабаны зыярат кылуу.***
- ***Адамдардын эң жакшысы-башка адамдарга пайдалуу болгону.***
- ***Бейиш энелердин таманы астында.***
- ***Тазалык ыймандан.***
- ***Кичүүгө ызат улууга урмат көргөзбөгөн бизден эмес.***



## Баары мектептүү болушту

«Пайгамбар мечити-Масжиди Набавий» курулуп жатканда, сүйүктүү пайгамбарыбыздын каалоосу боюнча жанына жата турган бөлмө да кошо курулду. Бул бөлмө «суффа» деп аталды. Ал жай мусулмандардын алгачкы мектеби болуп, пайгамбарыбыз болсо мугалим эле. Андагылар Куранды Азирети Мухаммедден үйрөнүү менен бирге Ислам динин терең өздөштүрүп жатышты. Алар динди үйрөнүп гана калбастан, аны үйрөткөнгө да даярданып жатышты.

Сүйүктүү пайгамбарыбыз мектеп иштери менен эле чектелип калган жок. Ал билим берүү жаатында Мадинада үгүт иштерин да жүргүздү. Аял-эркек, жаш-кары дебестен баары буга катышышты.

## Рамазан

Рамазан айы мусулмандар үчүн ыбадат айы болуп саналат. Бул айды орозо кармоо менен өткөрүү- улуу Алланын буйругу.

Орозо мусулмандардын Меккеден Мадинага көчүүсүнөн бир жарым жыл кийин мусулмандарга төмөнкү аят аркылуу парз кылынган: «Эй, ыйман келтиргендер! Сиздерден мурункуларга орозо парз кылынган сыяктуу эле Аллага каршы чыгуудан коргонууңуздар үчүн сиздерге да парз кылынды». (Бакара сүрөсү, 183-аят)

Пайгамбарыбыз бул айга өзгөчө маани берер эле. Күндүзү орозо кармап, түндөсү болсо, көп ыбадат кылуу менен өткөрөр эле. Тууган-туушканы жокторго жардам кылып, жакырларды кийинтип, аларды иптарга[1] чакырар эле.

1. иптар- ооз ачуу

- ***Мусулман мусулмандын бир тууганы. Ага жамандык кылбайт, аны душманына сатпайт. Кимде-ким мусулман боордошунун муктаждыгын канаатандырса, Алла да анын бир муктаждыгын канааттандырат. Кимде-ким мусулманды бир кыйынчылыктан куткарса, Алла да аны кыямат күнү кыйынчылыктарынын бирөөсүнөн куткарат. Кимде-ким мусулмандын кемчилдигин жапса, Алла да кыямат күнү анын кемчилдигин жабат.***
- ***Сиздердин эң жакшыңыздар- адеп-ахлагы эң сонун болгонуңуздар.***
- ***Тууралыктан жазбаңыздар. Себеби тууралык жакшылыкка, жакшылык болсо бейишке алып барат. Жалганчылыктан качыңыздар. Себеби жалганчылык жамандыкка, жамандык болсо тозокко алып барат.***
- ***Коңшусу ач жатып, өзү ток жаткан бизден эмес.***



*Алла Таалам! Бизге бул дүйнөдө жана акыретте жакшылык бер жана бизди тозок отунан корго.*
*(Бакара сүрөсү, 201-аят)*

*Алла Таалам! Мени, апамды, атамды жана бүткүл ыйман келтиргендерди кечир.*
*(Ибрахим сүрөсү, 41-аят)*

Куран ушул айда Кадыр түнү күнү түшүрүлдү. Мусулмандар бул айды ар түрдүү ыбадаттар менен атап айтсак таравих намазын[2] кылуу, Куран окуу, бири-бирине жардам берүү менен өткөрүшөр эле.

Бай мусулмандар мал-мүлкүнүн жана акчасынын белгилүү бир өлчөмүн жакырларга зекет катары беришчү. Зекет Исламдын беш негизги шартынын бири болуп, ал-мусулмандардын Меккеден Мадинага көчүнөн эки жыл өткөндөн кийин парз кылынган. Куранда да көпчүлүк убакта намаз менен бирге орун алган. «Намазды туура аткарыңыздар, зекетти ак бериңиздер...» (Бакара сүрөсү, 43-аят)

## Душмандык уланууда

Мусулмандардын Меккеде өткөрүшкөн жылдары сабырдуулук жылдары болгон эле. Мушриктерден зордук-зомбулук көрүп, алардын ар түрдүү зулумдуктарына чыдашкан болушчу. Бул мезгилде пайгамбарыбыз мусулман-

2. таравих намазы - Рамазан айында кылынуучу сүннът намазы

дарды сабырдуу болууга чакырып, согушууга тыюу салган эле. Мүшриктер болсо Меккедеги мусулмандарга ар түрдүү кысымчылыктарды жасашып, оор запкылырды көрсөтүшкөн болчу. Ал эми Мадина шаарына көчүп келишкен мусулмандар, өзүлөрүнүн араларында ишенимди гана камсыздап калбастан, алгачкы мамлекеттерин куруп коңшулары менен тынчтыкта жашаганга да жетишишкен. Бүткүл бул иштер Азирети Мухаммеддин башчылыгында ишке ашкан. Тынчтык пайгамбары болгон Азирети Мухаммед, адамдар ортосунда биримдикти, тынчтыкты үйрөтүү менен бирге өзүнүн өрнөктүү жашоосу менен мусулмандарга чоң үлгү болгон. Ал адамдарды билимдүү болууга жана Куран окууга чакырып жатты. Адамдардын өз каалоолору менен каалаган ишеничтерин тандоолорун каалайт болчу.

Меккелик мүшриктер бул абалга ыраазы болгулары келбей, жашыруун түрдө мусулмандарга каршы согуш ачууну көздөп жатышкан. Пайгамбарыбыз бул коркунучту болтурбоо үчүн меккеликтердин соода жолдорун колго алууга аракеттенген. Кербендер буюм-теримдер менен кошо курал-жарак да ташыйт болчу. Пайгамбарыбыз бул курал-жарактардын өздөрүнө каршы колдонула тургандыгын билет болчу.

***Силер Эгеңерден жардам сураган учурда Ал силерге жооп кылып: «Акыйкатта, Мен силерди сап-сап болгон миңдеген периштелер менен колдойм» (деди).***

***(Анфал 8/9-аят)***

## Бурулуш жайы: Бедир

Меккелик мүшриктер менен согушуу эртеби-кечпи баары бир болмок. Ошол себептүү сүйүктүү пайгамбарыбыз күн сайын тынчсызданып жатты. Акыры пайгамбарыбыз тынчсыздангандай эле меккелик мүшриктер, мусулмандарды түп тамырынан бери жок кылуу максатында миң адамдан турган жоокер даярдап, жолго чыккандыктары кабары келди. Бул кабарды уккан пайгамбарыбыз бүткүл даярдыктарды жасап, үч жүз беш сахабасы менен бирге Бедир деп аталган жайга барды.

Бул мезгилде пайгамбарыбыздын жанына Хузейфе аттуу адам келип, мусулман кошуунуна кошулуу үчүн атасы менен бирге келе жатканын жана жолдо мүшриктерге кармалып калып, мусулман аскерине кошулбастыктары тууралу убада беришкенде кое берилгендиктерин айтты.

Пайгамбарыбыз бир адамга болсун жоокерге муктаждыгы бар болчу. Бирок пайгамбарыбыз берген убадаларында туруп, Мадинага кайра кайтуулары керектигин айтып, мусулман кошуунуна кошулууга уруксат бербеди.

Пайгамбарыбыз тээ алыстан мүшриктердин күчтүү кошууну менен келе жаткандыгын көрүп мындай деди: «Эй, Алла Таалам, мына Курейш! Алар бой көтөрүүчүлүк жана сыймык менен келе жатышат. Сага каршы чыгып, сенин пайгамбарыңды төгүндөп жатышат. Аллам, бизге жардам кыл! Эгер ушул бир ууч мусулмандын жок болуусуна ыраазы болсоң, кийин сага ыбадат кыла турган эч ким калбай калат».

Пайгамбарыбыз Бедирде мусулман жоокерлерин согуш майданына катарга тизди. Алар турган жер кум болчу. Ошол себептүү сахабалардан Хубаб аттуу бирөөсү пайгамбарыбызга кайрылып мындай деп сурады:

-Бул жерди Алладан келген буйрук аркылуубу, же өзүңүздүн чечимиңиз менен тандадыңызбы? Пайгамбарыбыз жеке өзүнүн чечими менен экендигин айтканда, Хубаб кайра:

-Согуш үчүн бул жер туура эмес. Уруксат берсеңиз, мобул Бедир кудугунун жанында туралы. Айланадагы башка кудуктарды жаап коелу-деп айтты. Бул сунуш кабыл алынып, тезинен кудуктар жайгашкан жайга келип турушту.

Бул учурда пайгамбарыбыз Энсар менен Мухажирлерди жыйнап, алардын согуш жөнүндөгү пикирлерин сурады. Сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында алардын баары пайгамбарыбызга баш ийе тургандыктарын айтышты.

***Бедирде колго түшүрүлгөн туткундар үчүн пайгамбарыбыздын бир шарты бар эле: «окуп жазууну билгендер он мусулман балага окуп жазууну үйрөтсө, бош кое берилет». Ошентип, туткундагылар бул шартты аткаруу менен эркиндиктерине жетишкен болсо, ал эми балдар окуп-жазууну үйрөнүшкөн.***

***Бедирдеги жеңиш менен мусулмандар үнүн бүткүл Арабистанга угузушту. Ошентип, Исламдын жайылуу мезгили башталган эле.***

Сүйүктүү пайгамбарыбыз бардык камылгаларды көрсө да, дале согуштун болуусуна көңүлү ыраазы эмес болчу. Ал душман тарапка Азирети Умарды жиберип, согушуудан баш тартуу сунушун айтты. Мүшриктер болсо мусулмандарды күчсүз катары көрүшүп, аларды жер менен жексен кылуунун дал учуру экенин ойлоп жатышты. Ошол себептүү согуштан эч качан артка кайтпай турушканын айтышты.

Ошентип, согуш башталып, ал төрт-беш саатка созулду. Мүшриктердин кошууну чоң жоготууга учурады. Мусулмандардан он төртү шейит болгон болсо, мүшриктерден Абу Жахил менен кошо жетимиш киши курман болушту. Мында мусулмандарга улуу Алла Таала жардамын берип, пайгамбарынын дубасын кабыл кылган эле.

## Көңүл ооруткан окуя: Ухуд

Бул окуядан бир жыл өткөн соң, Мадинага меккелик Бул окуядан бир жыл өткөн соң, Мадинага меккелик мүшриктердин кол салуу үчүн даярдангандыктары жөнүндөгү кабар мусулмандарга келип жетти. Бул жөнүндө кеңешүү үчүн мусулмандар бир жайга чогулушту. Чогулушта пайгамбарыбыздын абасы Азирети Хамза сөз сүйлөп, согуштун Мадинанын сыртында болуусун каалагандыгын айтты. Кээ бир жаштар Азирети Хамзаны колдошту. Пайгамбарыбыз болсо коргонуу согушун сунуштады. Натыйжада добуш берүү усулу колдонулуп, жыйынтыгында мусулмандардын көпчүлүгүнүн майдан согушу тарапкерлери экени билинди. Ошентип мусулмандар душманды Мадинанын сыртында тосууга чечим кабыл алышты.

Бул учурда меккеликтердин толук куралданган үч миң аскери Мадинага абдан жакындап кирип келгендиги жөнүндө маалымат алынды. Алар Бедирдеги жеңилүүнүн өчүн алууга келе жатышкан.

***Ухуд согушунда мүшрик кошуунунун башчысы Абу Суфян согушту баштоодон мурда Энсар мусулмандарына төмөнкүдөй таклип сунуштаган болчу: «Эй, мадиналыктар! Биздин силер менен эч кандай ишибиз жок. Мухаммед менен биздин ортобуздан чегингиле!» Анда мадиналык мусулмандар бул сунушка катуу жана оор сөздөр менен жооп беришкен.***

***Пайгамбарыбыз Ухуд согушунда жараланган учурда жанындагылар андан мушриктерге тетири дуба кылууну суранышты. Пайгамбарыбыз: «Мен эч кимге тетири дуба кылуу үчүн жиберилбедим. Мен адамдарды туура жолго чакыруу үчүн рахмат элчиси катары жиберилдим. Алла аларга туура жолду көрсөтсүн, алар акыйкатты билишпейт»-деп дуба кылды.***

Сүйүктүү пайгамбарыбыз жана анын сахабалары жума намазын окушкандан кийин жолго чыгышты. Кийинки күнү таңга жуук багымдат намазында Ухуд тоосу турган жерге жетишти. Мусулман кошууну миң адамдан турган. Бирок жолдо үч жүз адам артка кайтып, мусулман аскерлеринен бөлүнүштү. Булар мусулман болуп көрүнүшүп, а чындыгында ишенишпейт эле. Алардын максаттары мусулмандарды коркутуп, үмүтсүздүккө түшүрүү болчу. Мындай адамдар болсо мунафык[4] деп аталат.

625-жылы Мадинага жакын Ухуд деп аталган жерде эки тарап майданга беттешүүгө келишти. Мүшриктердин Мадинага мынчалык жакындашууларынын негизги максаты мусулмандарды жеңгенден кийин шаарды талап-тоноо болчу. Пайгамбарыбыз болсо ар түрдүү камылганы көрүп, эң майда нерсени да ойлонуштурган эле. Эң жакшы тандамал элүү жаачыны тандап, сол тараптагы дөңсөөгө жайгаштырды. Алардын башчысы кылып, Жубейр уулу Абдуллахты дайындады. Аларга мындай деп кайрылды:

-Жебелериңиздер менен бизди мүшриктердин атчандарынан коргоңуздар. Алардын аркабыздан айланып өтүп, бизге чабуул коюусуна мүмкүнчүлүк бербеңиздер. Согушта жеңишке жетишсек да, жеңилсек да эч жакка жылбаңыздар. Өлтүрүлүп жатканыбызды көрсөңүздөр да жардамга келбеңиздер.

Ошентип, согуш башталды. Бир канча убактан кийин мүшриктер чоң жеңилүүгө дуушар болушту. Бирок бир топтон кийин согуш түрүн өзгөрттү. Мусулмандар эки мүшрик топтун ортосунда калышты. Себеби пайгамбарыбыздын тоого жайгаштырган жаачылары кандай болсо да согушту жеңдик дешип, орундарын таштап кетишкен болчу.

---

4. Мунафык-эки жүздүү, көрүнүштө мусулман а чындыгында ишенбеген адам

Пайгамбарыбызды тыңшабагандыктары себептүү чоң жоготууга учурашты. Азирети Хамза менен кошо жетимиш чакты мусулман шейит болду. Бул согушта сүйүктүү пайгамбарыбыздын эриндери жарылып, тиши сынды. Мусулмандар жалгыз гана Ухуд тоосуна чыгып кетүү менен кутула алышты. Мүшриктер болсо Мадинага кирбестен, Бедирдин өчүн алдык дешип, артка, Меккеге кайтышты.

Мусулмандар коргонушкан жайларынан согуш майданына түшүшкөндө, шейит болгон бардык мусулмандарга аябай оор кыйноолор жасалгандыгына күбө болушту. Алар курман болгон бир боордошторунун денелерин согуш майданына көөмп, кайгы ичинде Мадинага кайтып келишти.

## Алдоо жолу менен кол салуу

Мадинанын көчөлөрү Ухуддагы жоготуудан ыйга толду. Мусулмандар Ухудда чоң жоготууга учураган болсо да, алар менен пайгамбарлары бирге эле. Анын сөзүн тыңшабай коюунун эмне экенин эми толугу менен түшүнүштү. Бирок жашоо уланып жатты. Бул учурда Мадинага бир адам келип, пайгамбарыбыздан өз уруусуна Ислам динин түшүндүрүү үчүн мугалимдерди жиберүүсүн суранды. Пайгамбарыбыз да андан жибере турган сахабаларын коргой тургандыктары жөнүндө уба-

Мадинанын көчөлөрү Ухуддагы жоготуудан ыйга толду. Мусулмандар Ухудда чоң жоготууга учураган болсо да, алар менен пайгамбарлары бирге эле. Анын сөзүн тыңшабай коюунун эмне экенин эми толугу менен түшүнүштү. Бирок жашоо уланып жатты. Бул учурда Мадинага бир адам келип, пайгамбарыбыздан өз уруусуна Ислам динин түшүндүрүү үчүн мугалимдерди жиберүүсүн суранды. Пайгамбарыбыз да андан жибере турган сахабаларын коргой тургандыктары жөнүндө

убада берүүлөрүн сурады. Баягы адам, аларды коргоого убада бергенде, пайгамбарыбыз да Суффа мектебинен жакшы жетишип чыккан жетимиш сахабасын жиберди.

Аталган жетимиш киши Бири Мауне деген жайда колго түшүрүлдү. Мусулмандар өздөрүн коргоого мүмкүнчүлүгү болбой туруп, шейит болушту.

***

Режи деп аталган жайда да мусулмандарга кол салуу уюштурулуп, бул жерде сегиз мусулман шейит кылынган. Хубейб менен Зейд болсо колго түшүрүлгөн болчу. Колго түшүргөндөр аларды меккелик мүшриктерге сатышты. Мүшриктер Хубейбди шейит кылышты. Зейдди болсо шейит кылуудан мурда мынтип сурашты:

-Азыр Мухаммеддин сенин ордуңда болуусун каалайсыңбы? Ал болсо токтолбой:

-Ант ичип айтам. Анын бул жерде болуусун эле эмес, анын бутуна бир тикендин кирүүсүнө да чыдай албаймдеди. Мындай берилүүгө таң калган мүшриктер:

-Сахабалары Мухаммедди канчалык жакшы көрүшөт. Биз мындай сүйүүнү эч жерде көргөн эмеспиз,- дешип таңданышты.

***Чуңкур казуу***

***Жабир мынтип баян кылат:***

***-Чуңкур казып жатып, бир маалда аябай катуу жерге туш болдук. Аны пайгамбарыбызга айтууну туура таптык. Пайгамбарыбыз базганды колуна алып, чуңкурга түштү. Пайгамбарыбыз менен биз үч күн бою эч нерсе жеген эмес элек. Бирок ал базган менен ушунчалык катуу ургандыктан таштын кум сыяктуу майдаланып кеткендигин көрдүк.***

## Оор сыноо: чуңкур

Ухуд согушунан бери эки жыл өткөн эле. Меккелик мүшриктер дале тынч жатышпай, он миңден турган кошууну менен Мадинага карай жолго чыгышкан болчу. Пайгамбарыбыз бул кабарды алгандан кийин тезинен сахабаларын мечитте топтоп, боло турган согушта кандай чара колдонуша турганын сүйлөшүштү.

Теги Ирандык Салман мындай деди:

-Иранда мындай коркунуч туулганда шаардын айланасына чуңкур казат элек. Азыр да чуңкур казуубуз керек. Бул ой көпчүлүккө жакты.

Эми Мадинанын айланасына чуңкур казылат эле. Тез арада ишти баштап жиберишти. Эң узак дегенде бир аптада чуңкурлар казылып бүтүшү керек болчу. Мусулмандар ар күнү күн чыкпай туруп, шамга дейре тынымсыз эмгектенип жатышты. Сүйүктүү пайгамбарыбыз да, сахабалары менен бирге чуңкур казышып, аларга демкүч берип жатты.

Бир аптада казылган чуңкурдун узундугу беш жарым чакырымга жетти. Ал эми эндүүлүгү бир аттын аттай албай турганындай, тереңдиги болсо ат ичине түшсө чыга албай тургандай деңгээлде болду. Пайгамбарыбыз үч миң адамды шаардын ар түрдүү жерлерине жайгаштырды. Жоокерлерин согуш тартибинде тизди. Мүшриктер өз кошуунуна Мадинадагы еврейлерди жана мусулман болбогон араптарды да кошуп алышкан эле. Бул учурда мүшриктер да Мадинага келип калышкан болчу. Мүшриктер шаардын айланасындагы чуңкурду көрөрү менен эмне кыларын билбей апкаарып калышты. Себеби буга чейин мындайды эч жерден көрүшкөн эмес болчу.

Ошентип согуш башталды. Ал кээде күчөп, кээде басаңдай калып жатты. Согуш жыйырма күнгө созулду. Мындан эч кандай ийгиликтүү натыйжага жетише алышпаган мүшриктер, куру кол Меккеге карай кетүүгө аргасыз болушту. Мусулмандар дагы жеңишке жетишишкен эле.

***Чуңкур (хендек) согушу Куранда мындайча баяндалат: «Эй момундар, силерге (каршы түрдүү жамааттардан болгон) кошуундар беттеп келишкенде, Алланын берген ырыскыларын эстеңиздер. Биз алардын үстүнө куюн жана силер көрө албай турган кошуундарды жөнөттүк. Алла кылып жаткан амалыңарды көрүп туруучу болгон зат. Ошондо алар силердин жогору тарабыңардан да, силерден төмөнкү тараптан да (бастырып) келишкен эле. Ошондо көздөр тунарып, жүрөктөр алкымдарга кептелгенде жана силер Алла жөнүндө (түрдүү) ой жоруй баштаган элеңер. Дал ошол жайда момундар сыналышты жана аябай катуу коркунучка кабылып титирешти».***

***(Ахзаб сүрөсү, 9, 10, 11-аят)***



# АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ
# ҮЙГӨ КАЙТУУ

## Худайбия келишими

Сүйүктүү пайгамбарыбыз ал күнү абдан кубанычтуу эле. Бул кубанычынын себебин сахабаларына айтып берди: «Эртеге Меккеге жана Каабага зыяратка барабыз». Мухажирлер үчүн бул кабар абдан маанилүү эле. Себеби аларга Меккеден айрылышкандарына алты жылдын жүзү болуп, алар дайыма Мекке кусалыгы менен жашашат болчу. Эми алар Меккенин көчөлөрүндө жүрүп, жаштык чактары өткөн жайларында кусалыктарын кетиришет эле.

Ошентип, Азирети Мухаммед бир миң беш жүз сахабасы менен биргеликте Меккеге карай жолго чыгышты. Чатырларын Меккеге жакын Худайбия деген жерде тигишти. Пайгамбарыбыз меккеликтерге элчи катары Азирети Осмонду жиберди. Ал согушуу максатында эмес, Каабаны зыярат кылуу максатында келгендиктерин айтат болчу. Ошентип, Азирети Осмон сүйлөшүүгө кетти, бирок анын кайра кайтуусу абдан кечикти. Мусулмандар арасында анын өлтүрүлгөндүгү тууралуу каңшаар таркады.

***«Ант ичемин Худайбияда дарактын астында сага сөз берилип жатканда, Алла момундардан кушубак болгон. Ошентип, ал зат алардын көңүлдөрүндөгү тууралыкты билгендиги үчүн бейкуттук жана ишенимди тартуулап, өзүлөрүн жакынкы жеңиш менен, ал жерден ала турган көптөгөн олжолор менен сыйлаган. Алла кудурет жана хикмат (акылмандуулук) ээси болгон зат»..***

***(Фатих сүрөсү, 18, 19-аяттар)***

Мусулмандар согушуу үчүн келишкен эмес эле. Бирок согуштун белгиси көрүнө баштады. Пайгамбарыбыз сахабаларын топтоп алар менен кеңешти. Сахабалары да пайгамбарыбызга кашык каны калганга чейин күрөшө тургандыктары жөнүндө сөз беришти.

Бир канча убактан кийин Азирети Осмондун тирүү экендиги жөнүндө маалымат келди. Кабардын аркасынан эле Азирети Осмон меккелик мүшриктердин өкүлдөрү менен жетип келишти.

Меккелик өкүлдөр быйыл мусулмандардын Меккеге кирүүлөрүнө уруксат берише албай тургандыгын айтышып, бир келишим түзүүнү сунушташты. Сүйлөшүүлөрдөн соң пайгамбарыбыз келишим түзүүнү кабыл алып, натыйжада келишим түзүлдү. Бирок буга мусулмандар аябай капа эле. Себеби Меккеге аябай жакындашышса да, кире алышпай кайра кетишет болчу.

Келишим боюнча мусулмандар бул жылы Меккеге киришпестен, бир жылдан кийин Каабаны зыярат кыла алышат болчу. Мусулмандарды эң көп капаланткан нерсе келишимдеги «Курейштен бир адам мусулман болуп Мадинага барса кабыл алынбайт жана Меккеге барган эч бир мусулман да кайра берилбейт» деген шарт болчу. Бул шарт мусулмандар үчүн өтө оор болду. Ортодо жымжырттык өкүм сүрдү.

Бул учурда мойну жана буттары чынжыр менен кишенделген бир адам чарчаңкы абалда жетип келди. Ал кан менен терге абдан боелгон Абу Жендел аттуу адам болчу. Абу Жендел мусулманчылыкты кабыл алгандыктан, атасы аны камап, чынжыр менен кишендеген эле. Ал болсо бир амалын таап качып чыккан эле. Атасы уулуна жакындап келип, чынжырдан кармап, аябай катуу шапалак менен урду. Андан соң пайгамбарыбызга карап мындай деп кайрылды:

-Уулум келе электе эле келишимге кол коюлган болчу. Пайгамбарыбыз да унчукпастан буга макул болду. Анда Абу Женделдин атасы:

-Андай болсо аны мага кайра бергин-деди. Ошол учурда Абу Жендел мындай деп кайрылды:

-Эй, Мусулмандар! Сиздер мага зордук-зомбулук кылсын деп, мени динимен кайтарсын деп мүшриктерге кайра кайтарып бересиңерби?-деп үн салды. Пайгамбарыбыз Абу Женделдин атасын чекеге алып өтүп, уулун эркин кое берүүсүн суранды. Бирок муну атасы кабыл албады. Ошондуктан пайгамбарыбыз Абу Женделге кайрылып:

Абу Жендел, сабырлуу бол! Алла сөзсүз сага жана сенин жаныңда болгондорго кутулуш жолун көрсөтөт. Биз бул адамдар менен бир келишим түздүк жана убада бердик. Эми сөзүбүздөн кайтуу бизге ылайык келбейт-деди. Ошентип Абу Жендел кайра атасына кайтарылып берилди.

Бүткүл болуп өткөн окуялар мусулмандарды абдан таасирленткен эле.

## Максат бүт дүйнө жүзү

Худайбия келишими түзүлгөн соң тынчтык жана бейкуттук өкүм сүрдү. Пайгамбарыбыз бул учурду жакшы пайдалана алды. Византия императоруна, Эфиопияга, Иранга жана башка көптөгөн өлкөлөргө жана элдерге чакырык каттарын жөнөтүп, аларды Исламга чакырды.

***(Эй, Мухаммед), чындыгында биз сени бир гана адамзатка рахмат катары жөнөттүк..***

***(Анбия сүрөсү, 107-аят)***

Максат Исламдын чакырыгын бүткүл дүйнөгө жеткирүү болчу.

***

Византия Императору Геракл элчинин алып келген катын ачып, окуй баштады:



-Бисмиллахир-рахмаанир-рахиймм. Алланын кулу жана пайгамбары Мухаммедден Византия императору Гераклга. Туура жолдо болгондорго салам болсун. Сени Исламга чакырамын. Исламды кабыл алып, акыретте кутулууга жетиш. Алла болсо сообун эки эселеп берсин. Эгер кабыл албасаң, анда элдин күнөөсүн сен өзүң тартасың. «Эй китеп ээлери! Сиздер менен биздин арабызда орток болгон сөзгө келиңиздер. Жалгыз гана Аллага кулдук урайлы жана ага эч кандай нерсени шерик кошпойлу. Алланы таштап эч ким эч нерсени кудайлаштырбасын. Эгер андан кайтышкан болсо, күбө болуңуздар, биз мусулманбыз деп айтыңыздар».

Геракл буга чейин окуп неткен китептери жана ар кимден уккан маалыматтары боюнча Азирети Мухаммеддин (с.а.в.) пайгамбар болгондугуна канааттанып, бул жөнүндө кеңешчилери менен сүйлөшүп көрдү. Анын ниети Исламды кабыл алуу болчу. Геракл алардын каршы пикирлерин алгандыктан, Исламды кабыл алуудан баш тартты. Элчиге жакшы мамиле жасап, белектер тартуулап узатып койду.

*Пайгамбарыбыз кошуунунун башында Меккени багынтууга бара жатып жолдо күчүктөрүн эмизип жаткан итти көрдү. Сахабаларынан бирөөсүн тезинен иттин жанына жиберип, аларга эч кимдин зыян бербөөсүн буйруду.*

## Меккенин багынтылышы жана үйгө кайтуу

Худайбия келишими түзүлгөндөн бери эки жыл өттү. Мүшриктер келишимдин эрежелерин бара бара аткарбай, акырында келишимди бузушту. Ошондуктан Пай-

гамбарыбыз он миң адамдан турган кошуун даярдап, жашыруун Меккеге карай багыт алды. Мусулмандардын максаты согушуп кан төкпөстөн Меккени колго алуу болчу. Ошентип, мусулмандар максат-тилектерине да жетишишти. Мекке эч кандай согушуусуз эле колго алынды.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз элүү үч жыл жашаган Мекке шаарын, башкача айтканда балалык жана жаштык чактарын өткөргөн ата журту -Меккени багынткан болчу. Бул улуу жеңиш үчүн жараткан Аллага шүгүрчүлүк келтирди. Ал Меккеге жеңишке жетишкен кошуундун аскер башчысы катары эмес, башын ийип таазим кылуу менен шүгүрчүлүк келтирип, жөнөкөй адам катары кирип келди.

Бешим намазынын убактысы болгондо Азирети Билал Каабанын үстүнө чыгып, жагымдуу үнү менен азан айтты. Пайгамбарыбыз намаз окулгандан соң элге минтип кайрылды: «Эмне дейсиздер, азыр сиздерге эмне кылаарымды ойлоп турасыздар?» Мухаммедге жана сахабаларына өтмүштө зомбулук көрсөткөндөр азыр чарасыз абалда турушту:

- Мен сиздерге Жусуп Пайгамбардын айтканын айтамын. Бүгүн сиздерге айыптоо жок. Алла сиздерди кечирсин. Ал мээримдүүлөрдүн эң мээримдүүсү- деп жалпыга тиешелүү болгон кечиримин жарыялады. Баарын кечирди. Андан соң Каабаны ичинде жана сыртында турган айкелдерден тазалатты. Мусулмандар бир нече күн Меккеде калышып, сагыныч, кусалыктарын кетиришти.

***Пайгамбарыбыз Хунейн согушунун акырында согуш майданында калган олжолорду тарата баштады. Мусулман болбосо да Курейш уруусунун алдыңкы адамдарына мусулмандарга берилген үлүштөн да көп олжо берилди. Себеби алардын жүрөктөрүнүн Исламга жылытылуусу керек болчу. Бул учурда Энсар мусулмандарынан кээ бирлери өз араларында мындайча сүйлөшө баштаашты: «Алланын пайгамбары өзүнүн уруусуна карады. Согуш убагында анын сахабалары биз элек. Бирок согуш олжолору таркатылып жаткан кезде туугандары, уруусу анын достору болду. Аны менен сүйлөшүп бизди да ойлоп коюусун сурайбыз». Бул кабар пайгамбарыбызга жеткен кезде, пайгамбарыбыз Энсар мусулмандарын чогултуп, аларга мындай деп айтты: «адамдардын жүрөктөрүн жылытуу үчүн аларга берилген дүнүйө нерселер, сиздер үчүн ушунчалык маанилүүбү? Алар үйлөрүнө мал-дүнүйөнү алып кетип жаткан болсо, сиздер Алланын пайгамбарын алып кетип жатасыздар. Бүткүл адамдар бир жакка, Энсар бир жакка кетишсе, мен сиздер менен кетет болчумун. Анда Энсар мусулмандары айткан сөздөрүнө бушайман болгондуктарын айтышып, ыйлашты: «Биз өзүбүзгө бөлүнгөн Алла пайгамбарынан абдан ыраазыбыз»-деп айтышты.***



# ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

# БААРЫ АЛ ҮЧҮН ЫЙЛАП ЖАТТЫ

## Коштошуу ажылыгы жана коштошуу кутбасы

Мекке багынтылгандан кийин ажылык парз кылынды. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз үй-бүлөсү жана сахабалары менен биргеликте ажылык милдетин аткаруу үчүн 632-жылы Бирдин айынын жыйырма экисинде Меккеге карай жолго чыгышты. Меккеге келишип ажылык ыбадатын орундатышты.

Мекkенин багынтылуусунун артынан Ислам дини өтө тез темпте жайыла баштады. Пайгамбарыбыз ар түрдүү жерлерге элчилерди жиберип, мусулман эмес элдерди Исламга чакырды. Кыска мезгилде Аравия жарым аралы мусулмандардын эгемендүүлүгүнө кирди.

Пайгамбарыбыз 632-жылы Жалган Куран айынын алтысында бул жерде бир сөз сүйлөдү. Аны угуу үчүн 100 миңден ашуун адам топтолгон болчу. Ал өз сөзүндө: бүткүл адамдардын Кудайынын бир экендигин, бир атадан таралгандыктарын жана ошол себептүү бардык

***Коштошуу кутбасынан***

- ***Аманат кылынган нерсени ар бир адам өз ээсине берүүсү тийиш.***
- ***Караңгылык доорунун кан куумай адаттарына тыюу салынды.***
- ***Аялдарыңыздардын сиздерде акысы бар болгондой эле, сиздердин да аларда акыңыздар бар.***
- ***Аллага ишенгендер бир тууган. Ар кандай адам үчүн бир тууганынын мал-мүлкүндө акысы болбой туруп жеш адал болбойт.***

*• Эй Адамдар! Раббыңыздар (Кудайыңыздар) бир, атаңыздар бир. Баарыңыздардын атаңыздар Адам болуп эсептелет. Адам болсо топурактан жаратылган.*

*• Алла үчүн эң жакшы адам- андан коркуп чегинген адам. Сиздердин кай бирөөңүздөрдүн да башкалардан эч кандай жогорулугу жок. Жогорулук бир гана такыбаалыкта, Аллага болгон коркууда гана.*

адамдардын тең укукта экендиктерин белгилеп кетти. Аял укуктарын коргоо керек экендигин баса айтып, коомдук тынчтыктын сакталуусу үчүн эмнелер жасалуусу тийиш экендигин эскертти. Ошентип, пайгамбарыбыз коштошуу кутбасында Ислам дининин принциптерин бүткүл адамзатка осуят кылган болду.

## Коштошуу

Сүйүктүү пайгамбарыбыз ажылык милдетин аткарган соң, Мадинага кайтып келди. Бул мезгилде ал алтымыш үч жашка кирип калган болчу. Ошол күндөрү тез-тез өлүм жөнүндө, акыры бир күн өлө тургандыгы жөнүндө сөз кылар эле.

Бугу айынын акыркы күндөрү болчу. Азирети Мухаммед ооруп калган эле. Мечитке да бара албай калган. Намаз-



дарды окутуп туруу үчүн Азирети Абу Бакирди милдеттендирген болчу. Кулжа айынын сегизинде дүйшөмбү күнү оорусу абдан оорлошкон эле. Оң колун жогору көтөрүп, сөөмөйү менен жогоруда бир жерди көздөй көрсөтүп: «Улуу Жараткан (Раббим) менен бирге ... Аллам бейиште жолугушканга дейре!» - деп колдору капталына шылк этти. Жүзүндө болсо күлүмсүрөө бар эле.

## Коштошуу: Баары ал үчүн ыйлап жатты

Сүйүктүү пайгамбарыбыздын өлүм кабарын уккан Азирети Абу Бакир тезинен мечитке жетип келди. Андагылардын баары ыйлап жаткан. Азирети Умар болсо :

- Пайгамбарыбыз өлгөн жок! Өлдү дегендердин башын кыя чабам! – деп бакырып жатты. Азирети Абу Бакир айланадагы болуп жаткан тынчсыздыкка көңүл бурбастан үнсүз Пайгамбарыбыздын бөлмөсүнө кирди. Анын жүзүндөгү пердени ачты. Ыйлап, пайгамбарыбыздын маңдайынан өөп мындай деди:

- Ата-энем сага курман болсун, эй, Алланын пайгамбары! Сенин жашооң да сонун, өлүмүң да сонун. Сыртка чыккан Абу Бакир ал жерде топтолгондорго үн салды:

- Мухаммедге (с.а.в.) сыйынган адам билсин, Мухаммед көз жумду. Аллага ыбадат кылгандар анын тирүү жана өлүмсүз болгондугун билишет- деп Али Имран сүрөсүнүн 144- аятын окуду:

«Мухаммед тек гана элчи. Андан мурда да бир канча элчилер жашап өтүшкөн. Ал өлсө, же өлтүрүлгөн болсо, артка кайтасыңарбы? Кимде ким артка кайтса, Аллага зыян бере албайт, бирок Алла шүгүрчүлүк келтиргендердин сообун берет».

Азирети Абу Бакирдин бул сөздөрү Пайгамбарыбыздын өлүмүнө ишенбеген Азирети Умарды жана бүткүл

***Курандын акыркы түшкөн аяты***

***«Ушундай күндөн коргонуңуздар! Ал күндө баарыңыздар Аллага кайтарыласыздар. Андан кийин баары жасаган нерселеринин тиешесин алышат жана алар эч качан зулумдукка дуушар болушпайт».***

***(Бакара сүрөсү, 281-аят)***

мусулмандарды басаңдатты. Ошентип, Мухаммед да атасынын көмүлгөн шаары Мадинада топуракка берилди.

Ошентип, сүйүктүү Пайгамбарыбыз улуу досу- Аллага жеткен эле. Ал биз мусулмандарга эки нерсени аманат кылып калтырды: Алланын китеби болгон Куран жана өзүнүн өрнөктүү жашоосу. Буларды кармаган жана аткарган мусулмундардын акыретте кутулууга жете тургандыгын да кабар берди.



# Азирети Мухаммеддин өмүрү тууралуу хронология

| | |
|---|---|
| 570 | Эбрехенин кошуунунун пилдер менен Каабаны кулатууга келүүсү. |
| 570 | Пайгамбарыбыздын атасынын өлүмү. |
| 571 | Чын Куран айынын жыйырмасы. Пайгамбарыбыздын куттуу төрөлүү күнү. |
| 571-576 | Сүт энеси Халима менен биргеликте болуусу. |
| 577 | Апасы Аминанын өлүмү. |
| 579 | Чоң атасы Абдулмутталибдин өлүмү. |
| 591 | Пазилеттүүлөр коомуна мүчө болуусу. |
| 596 | Хадийча менен баш кошуусу. |
| 610 | Рамазан айында, Хира үңкүрүндө алгачкы аяндын келүүсү. |
| 615-616 | Мусулмандардын Эфиопияга көчүүлөрү. |
| 617-620 | Мүшриктер тарабынан мусулмандарга каршы түзүлгөн бойкот жылдары. |
| 620 | Зейд менен бирге Таифке баруусу. |
| 620 | Исра жана Мираж мужизасынын (кереметинин) болуусу. |
| 621 | Биринчи Акабе келишими. |
| 622 | Экинчи Акабе келишими. |
| 622 | Пайгамбарыбыздын Мадинага көчүүсү. |
| 622-624 | Мечиттин жана мектептин курулуусу; биринчи азандын айтылуусу; бир туугандыктын жарыяланышы; Мадина келишиминин түзүлүүсү. |
| 624 | Бедир согушу. |
| 625 | Ухуд согушу. |
| 626 | Бири Мауне жана Режи окуялары. |
| 626-627 | Чуңкур согушу. |
| 628 | Худайбия тынчтык келишими. |
| 630 | Меккенин багынуусу. |
| 632 | Жалган Куран айынын алтысы. Коштошуу кутбасы. |
| 632 | Кулжа айынын сегизи. Пайгамбарыбыздын дүйнөдөн кайтуусу. |



Күндөр кандай күндөр эле, Мухаммед,
Доорлор кандай доорлор эле.
Жарык дүйнөгө келбестен мурда,
Момундарың бар эле...
Жана бир күн, бейпил жаткан
Чөл сымал эле,
Халиманын кучагында
Абдуллахтын жетими,
Аминанын жетими ыйлайт эле!
Хадийчанын бүчүрү,
Айшанын гүлү элең.
Үммөтүңдүн көз кареги,
Асмандардын пайгамбары элең...
Элчи болдуң, элчилер жибердиң...
Рухуңду Аллага,
Колуңду үммөтүңө бердиң.
Бешигиң, журтуң, үйүң,
Меккеде кыйналып-кысталсаң,
Мадинага көчөт элең.



PEYGAMBERİMİ ÖĞRENİYORUM
(Kırgız Türkçesi)

Дин иштери башкармалыгынын белеги,
акчага сатылбайт.

ISBN 975193707-8
9 789751 937074